*Муниципалитет –
бул аймактын,
ал жерде жашаган калктын
жана ЖӨБ органдарынын
үчилтиги*

**ОКТЯБРЬ 2021-ж., № 10 (120) чыгарылышы**

# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ

## КӨҢҮЛ ЧОРДОНУНДА

Мамлекет жергиликтүү бюджеттер тууралуу унутуп калдыбы? ЖӨБ Союзунун 2022-2024-жылдарга фискалдык саясаттын негизги багыттарындагы кемчиликтер тууралуу пикири .......... 2

Жайыттарды калктуу конуштардагы жерлерге өткөрүү (трансформациялоо) тартиби тууралуу. 2021-жылдын 13-августундагы өзгөрүүлөрдү эсепке алуу менен .......... 5

## МЫЙЗАМДАГЫ ЖАҢЫЛЫКТАР

Айдоо жерлерин трансформациялоодо жоготуулардын ордун толуктоону жокко чыгаруу тууралуу .......... 7

## ИНВЕСТИЦИЯЛАР

Тышкы инвестициялар: жергиликтүү жамааттар үчүн пайдабы же балекетпи? Кыргызстандын инвестициялык образын калыптандырууда жарандык коомдун ролу .......... 8

Аялдар ички инвестициялар аркылуу жумуш орундарын камсыз кылып, жайыттарды тазалап, аймактарды өнүктүрүүдө .......... 14

## ДЕПУТАТТЫН ОКУЯСЫ

Жергиликтүү кеңештин депутат аялдары ишке киришти: алар жумуш орундарын түзүүдө, аялуу үй-бүлөлөргө жардам берүүдө, жолдорду тазалап, бюджетти чечмелешүүдө .......... 17

Мээрим АКИРОВА: "Аялдардын эмгеги эркектердин эмгеги менен бирдей деңгээлде таанылышы керек" .......... 18

Евгения КОРЯГИНА: "Депутат сейил бакты көрктөндүрүүнү гана сунуш кылбастан, демилгесин ишке ашыруу үчүн каражат да издеп жатат" .......... 19

Ирина ЖОЛДОШЕВА: "Жамаатта гана эмес, ар бирибиздин ичибизде да гендердик стереотиптер менен күрөшүү маанилүү" .......... 19

Аида ЮСУПОВА: "Жамааттын кызыкчылыктарын жана аялдардын саясий укуктарын коргоп жатканда артка чегинбеш керек" .......... 20

Күлсүн АССАКУНОВА: "Аял депутаттар жергиликтүү кеңеште сабырдуу жана сый-урматка негизделген жагдайды түзө алышты" .......... 21

Гүлянда ОРУНБАЕВА: "Көйгөйлөрдүн кесепеттерин жашыргандан көрө, алар тууралуу ачык айтыш керек" .......... 22

Валентина ЮДИНА: "Депутаттын ар бир чечими көйгөйлөрдү жана мыйзамдарды жакшы билгенине негизделүүгө тийиш" .......... 22

Айткүл БАЙТУРОВА: "Шайлоочулар жынысына карабастан чынчыл жана ишке берилген депутатты дайыма колдоп турушат" .......... 23

Сурмахан ЮСУПОВА: "Аял депутат чече албай турган бир да маселе жок" .......... 24

Айнагүл ЭГЕМБЕРДИЕВА: "Мыйзамдарды билүү – жергиликтүү кеңештин депутатынын ийгиликтүү иши үчүн негизги шарт" .......... 25

Зуура КЫДЫРАЛИЕВА: "Депутат катары өз шаарыма үй-бүлөлүк зомбулукту токтотууга жардам берем" .......... 26

Бермет БЕЙШЕНОВА: "Депутаттын мандаты өз вазыйпамды аткарууга жардам берет. Мен жардамга өзгөчө муктаж болгон жарандарга кесип ээси болгонго жардам бере алам" .......... 27

Мира АСАНОВА: "Инвестицияларды тарткандан башка жол менен да жамааттын батасын алса болот" .......... 28

Бактыгүл МЫРЗАЛИЕВА: "Аял депутат үчүн үй-бүлөнүн жана жакындарынын колдоосу абдан маанилүү. Мындай колдоо аялга дем берет" .......... 29

Кеңештерге келген аялдар: шайлоо сабактары жана келечекке көз караш. Изилдөөнүн жыйынтыктары .......... 30

**Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)**

Башкы редактор:
ӨСИ башкаруу төрайымы
Надежда ДОБРЕЦОВА
Аткаруучу редактор:
Нургүл ЖАМАНКУЛОВА
Кыргыз тилиндеги
котормонун редактору:
Нургүл ЖАМАНКУЛОВА
Дизайн жана жасалгалоо:
Адил АБДРАИМОВ
Кыргыз тилине которгон:
Зейнеп АЛТЫМЫШОВА.

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат. Журнал акы төлөп жазылуу аркылуу таркатылат.

**Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.**

Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:
почта – Кыргыз Республикасы,
720001, Бишкек ш.,
Шевченко көч., 114,
Өнүктүрүү саясат институту,
«Муниципалитет» журналынын редакциясы;
электрондук – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com
Телефондор: (0312) 97-65-30 (31, 32, 33, 34)
Факс: (0312) 97-65-29
Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.
**ISBN 1694-7053**

ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE

# МАМЛЕКЕТ ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТЕР ТУУРАЛУУ УНУТУП КАЛДЫБЫ?

## ЖӨБ СОЮЗУНУН 2022-2024-ЖЫЛДАРГА ФИСКАЛДЫК САЯСАТТЫН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫНДАГЫ КЕМЧИЛИКТЕР ТУУРАЛУУ ПИКИРИ

*Бир нече жылдардан бери ЖӨБ Союзу фискалдык саясаттын негизги багыттарына (ФСНБ) жана республикалык бюджет жөнүндө мыйзам долбоорлоруна анализ жүргүзүп келет. ЖӨБ Союзу ФСНБнын бюджеттер аралык мамилелер бөлүмү формалдуу болуп келген жана учурда да так ошондой эле абалда экендигин белгилейт. Буга чейин ЖӨБ Союзунда ФСНБ боюнча көптөгөн сын пикирлери болгон жана бул сындар ФСНБ КР ЖКнын Бюджеттик резолюциясынын талаптарына жооп бербегендигине тиешелүү болгон. Бюджеттер аралык мамилелерди реформалоонун багыттары прогресс көз карашынан алып караганда да, КРдагы ЖӨБдүн абалына тийгизген көз караштан алганда да талданып чыккан эмес. 2021-жылы бөлүм Министрлер Кабинети үчүн да, ЖӨБ үчүн да дээрлик эч кандай бир түшүнүктүү маалыматты камтыбайт.*

*ФСНБнын долбоору өтө олуттуу кечигүү менен сунушталды. КР Бюджеттик кодексинин 82-беренесине ылайык, орто мөөнөттүү мезгилге фискалдык саясаттын негизги багыттары Өкмөттүн токтому менен кийинки бюджеттик жылдын алдындагы жылдын 1-июлунан кечиктирилбестен бекитилет. Документтин долбоору 2021-жылы КР Экономика жана финансы министрлигинин сайтында августтун аягында гана пайда болгон.*

### Реформалардын милдеттери

ФСНБ “Бюджеттер аралык мамилелердин орто мөөнөттүү саясатынын негизги максаттары” топтомун сунуштайт. Анда кайсы бир кезде түзүлгөн Кыргыз Республикасындагы Бюджеттер аралык мамилелерди өнүктүрүү концепциясындагы милдеттер тизмеленген, бул Концепциянын мөөнөтү 2019-жылы эле бүтүп калган. Бул милдеттер жыл сайын документтен документке өткөрүлүп турат, ошол эле маалда бул багыттар боюнча иш дээрлик жүргүзүлбөйт.

*СУНУШТАМА. ЖӨБ Союзу милдеттердин кайталанган тизмегинин ордуна кийинки үч жылга бюджет аралык мамилелерди реформалоонун чыныгы артыкчылыктарын аныктап, аларды ФСНБда сүрөттөп берүүнү сунуш кылат. Ар бир артыкчылык үчүн, жок дегенде, төмөнкүлөр көрсөтүлүүгө тийиш:*

- *пландалган негизги иш-чаралар;*
- *КРдагы ЖӨБдүн экономикалык жана социалдык абалына болжолдуу таасирин кыскача баалоо;*
- *иш-чараларды ишке ашыруунун болжолдонуп жаткан мөөнөттөрү.*

Бюджеттер аралык мамилелердин жаңы концепциясын иштеп чыгууну ФСНБ долбоору реформанын милдеттеринин бири катары атайт. Бул маселени ЖӨБ Союзу КР Экономика жана финансы министрлиги менен бир нече жолу талкуулаган, атүгүл “Ачык өкмөттүн” жумушчу тобунун алкагында Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдарга бюджеттер аралык мамилелерди өнүктүрүү Программасынын долбоору иштелип чыккан. Бул документтин долбоору бюджеттер аралык мамилелерди реформалоо боюнча жаңыча мамилени, багыттарды жана сунушталган чараларды камтыган, анын ичинде методологияны жакшыртуу жана бюджеттер аралык трансферттерди, теңдештирүүчү трансферттерди, максаттуу трансферттерди (жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарууну каржылоо үчүн трансферттерди кошкондо), дем берүүчү (үлүштүк) гранттарды ж.б. эсептөөнүн ачыктыгын жогорулатуу боюнча чаралар камтылган. Долбоор мындан туура бир жыл мурун иштелип чыккан жана ушул кезге чейин КР Экономика жана финансы министрлигинин кароосун күтүүдө.

*СУНУШТАМА. ЖӨБ Союзу жаңы концепцияны иштеп чыкпастан, жогоруда айтылган Программаны карап чыгып, толук даярдоону, зарыл болсо аны кабыл алууну сунуш кылат.*

Тилекке каршы, ФСНБ долбоору мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы ыйгарым укуктарды чектөө багытында эч нерсе сунуштабайт, бирок бул багытты милдеттердин бири деп атап жүрөт. Практика жүзүндө жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмеси финансылык ресурстар менен камсыздалбастан дээрлик көзөмөлсүз түрдө кеңейтиле берүүдө. ЖӨБ органдарына өткөрүлүп берилген көптөгөн каржыланбаган функциялар кала берүүдө, финансы ресурстары менен бекитилбеген жаңы берилген ыйгарым

укуктар кошулууда, бул болсо “Айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүп берүүнүн тартиби жөнүндө” КР Мыйзамынын жана КР Конституциясынын талаптарына каршы келет. ЖӨБ органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктар “жашыруун”, бейформал түрдө өткөрүлүп берилген учурлар бар.

*СУНУШТАМА. ЖӨБ Союзу төмөнкү милдетти кошууну сунуш кылат: “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2019-жылдын 17-октябрындагы №3296-VI токтомуна ылайык мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын так чектөө, республикалык бюджет менен жергиликтүү бюджеттердин ортосундагы, анын ичинде саламаттык сактоо, билим берүү, маданият чөйрөлөрүндө, ошондой эле өзгөчө кырдаал жана өзгөчө абал киргизилген шарттарда чыгашалар боюнча милдеттенмелерди так аныктоо”. Бул бюджеттер аралык мамилелердин абалын жакшыртуу үчүн тез арада ишке ашырылуунун талап кылган өтө маанилүү чара.*

Ошондой эле Министрлер Кабинети 2021-жылдын 24-июлундагы №86 токтому менен “Бюджеттик мыйзамдар чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” (Бюджеттик кодекске жана “Жогорку Кеңештин Регламенти жөнүндө” мыйзамга) мыйзам долбооруна корутундуну жактырганын белгилейбиз. Бул мыйзам долбоору учурда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосунда турат. Мыйзам долбоору менен Бюджеттик кодекске түзөтүүлөр киргизилүүдө, ага ылайык, бюджеттер аралык мамилелерди жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын легитимдүү бирикмеси менен макулдашып, республикалык бюджетти даярдоодо жана кабыл алууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызыкчылыктарын эске алуу механизмин киргизүү каралган. ЖӨБ органдарынын легитимдүү бирикмеси жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жалпы санынын жарымынан кем эмесинин негизинде түзүлөт.

Министрлер кабинети республикалык бюджетти даярдоодо жана кабыл алууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызыкчылыктарын эске алууну күчөтүү боюнча мыйзам долбоорунун концепциясын жалпысынан колдогон.

*СУНУШТАМА. ЖӨБ Союзу бул милдетти бюджеттер аралык мамилелердин орто мөөнөттүү саясатынын негизги милдеттерине киргизүүнү сунуш кылат.*

## Реформага жасалган анализ

ФСНБда реформанын прогрессине талдоо жасалган эмес. Прогресс минималдуу болсо да, ал сүрөттөлүүгө тийиш. Азыркы учурда өлкөдө бюджеттер аралык мамилелерди өнүктүрүү боюнча иш-чараларды колдогон долбоорлор ишке ашырылып жатат. Бул долбоордун максатын жана күтүлгөн жыйынтыктарын сүрөттөп берүү зарыл.

*СУНУШТАМА. ЖӨБ Союзу ФСНБга реформанын прогрессине жасалган талдоонун сүрөттөмөсүн киргизүүнү сунуштайт, мында Өкмөттүн акыркы үч жылда бюджеттер аралык мамилелерди реформалоо боюнча көргөн чараларын жана иш-чараларын, буларды ишке ашыруудан кийинки жыйынтыктарды кошууну сунуш кылат.*

## Жергиликтүү бюджеттерге статистикалык талдоо

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ЖӨБ Союзу, башка коомдук уюмдар жана жалпысынан коом ФСНБны жергиликтүү бюджеттерди каржылоо жөнүндө аналитикалык маалыматтын бирден-бир булагы катары колдонушат. Бул маалыматты белгисиз себептерден улам ачык булактардан табуу мүмкүн болбой келет. 2021-жылы коом атүгүл ушул маалымат булагынан да ажыраган, анткени ФСБНга түшүндүрмө катында жергиликтүү бюджеттер боюнча талдоо берилген эмес; үч жылга жергиликтүү бюджеттердин пландаштырылган көлөмү тууралуу маалымат да чектелген. Ыйгарым укуктуу орган жергиликтүү бюджеттердин ресурстарын өнүктүрүү тенденцияларын талдоого жана мындай талдоонун жыйынтыгы боюнча чечим кабыл алууга тийиш.

*СУНУШТАМА. ЖӨБ Союзу ФСНБга жергиликтүү бюджеттердин статистикалык талдоо бөлүмүн киргизүүнү сунуш кылат.*

Мындан тышкары, ЖӨБ Союзу документтен документке көчүрүлүп келаткан сөзгө КР Экономика жана финансы министрлигинин көңүлүн бир нече жолу бурган: “Жергиликтүү бюджеттерди түзүүдө жана аткарууда корголгон беренелер, анын ичинде коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр жана көмүр сатып алуу чыгашалардын негизги артыкчылыктуу беренелери бойдон кала берет”. Бул сүйлөм бюджеттер аралык мамилелерди өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү саясатынын багыттарын таптакыр туура эмес чагылдыра турганын кайрадан белгилөөгө мажбурбуз. Бул

мамиле өнүгүү аспектилерине орун калтырбай, ресурстарды "жеп салуу" саясатын эске салат. Бул мамилени кайра карап чыгып, аймактар үчүн өнүгүү бюджетин түзүү ниетин так көрсөтүү зарыл.

## Жалпы мамлекеттик кирешелерди бөлүштүрүү

Жылдан-жылга ыйгарым укуктуу орган ФСНБда жана республикалык бюджеттин долбоорунда кирешеге салык жана сатуудан алынуучу салык республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин ортосунда кантип бөлүштүрүлгөндүгү жөнүндө сөздү кайталап келет, же бул сөздү жыйынтыктарга жасалаган талдоо менен да, башка салыктар үчүн ушундай өзгөртүүлөрдү жүзөгө ашыруу ниеттеринин сүрөттөө менен да коштобойт.

ЖӨБ Союзу бир нече жолу ыйгарым укуктуу органдарга, Өкмөткө жана КР ЖКга жогоруда көрсөтүлгөн салыктарды бөлүштүрүүнүн үлүшү өзгөргөндөн кийин мындан утушка ээ болгон ЖӨБдөр гана эмес, кирешеси азайган ЖӨБдөр да болгонун эскертип кайрылган. ЖӨБ Союзу бул маалыматты кирешеси азайган ЖӨБдөн түздөн-түз алып турган.

Ыйгарым укуктуу орган мындай ЖӨБ органдарынын киреше структурасындагы өзгөрүүлөргө деталдуу анализ жасап, чараларды көрүшү керек эле.

*СУНУШТАМА. ЖӨБ Союзу республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин ортосундагы жалпы мамлекеттик кирешелердин бөлүнүшүн өзгөртүү боюнча чаралардын кеңири сүрөттөлүшүн даярдап, сандык жана сапаттык өзгөрүүлөргө талдоо жасап, кирешеси азайган ЖӨБдөргө жоготуулардын ордун толуктоо боюнча чаралардын топтомун көрсөтүп бериши керек болчу.*

## Бюджеттик системанын деңгээлдериндеги сандардын өзгөрүүсү

Бул ЖӨБ органдары үчүн гана эмес, бүтүндөй өлкө үчүн да өтө олуттуу маселе. Бирок ФСНБ бир гана сүйлөм менен чектелип жатат: "Мындан тышкары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын чыңдоо үчүн 2022-жылдан баштап үч баскычтуу бюджеттик структураны киргизүү боюнча реформалар пландаштырылууда". Мындай кескин өзгөрүүлөр "мындан тышкары" жасалары өзгөчө кызыктай болууда. Мындай олуттуу билдирүү бери дегенде пландардын олуттуу негиздемелери менен коштолушу керек, ушундай кескин чаралардын "ЖӨБ органдарын чыңдоого" тийгизген таасирине талдоо жасалууга тийиш.

*СУНУШТАМА. ЖӨБ Союзу мындай чараны кененирээк сүрөттөп берүүнү сунуш кылат, анда төмөнкүлөр камтылышы керек:*

- *мындай реформанын маңызынын толук сүрөттөлүшү;*
- *күтүлгөн каржылоо көлөмүн көрсөтүү менен бюджеттик системанын жаңы деңгээлинин сүрөттөлүшү;*
- *ЖӨБ үчүн мындай өзгөрүүлөрдүн пайдасына жасалган талдоо жана эсептөө;*
- *бул өзгөрүүлөр менен байланышкан ар кандай тобокелдиктерге жасалган талдоо.*

# ЖАЙЫТТАРДЫ КАЛКТУУ КОНУШТАРДЫН ЖЕРЛЕРИНЕ КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ. 2021-ЖЫЛДЫН 13-АВГУСТУНДА КИРГИЗИЛГЕН ӨЗГӨРҮҮЛӨРДҮ ЭСЕПКЕ АЛУУ МЕНЕН

Консультацияны ЖӨБ Союзунун юристи Венера БОЛТОБАЕВА даярдады

Жерди трансформациялоо тартиби КР Жер кодекси, 2013-жылдын 15-июлундагы №145 "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" жана "Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамдары, Жерлерди бир категориядан башкасына которуунун же бир түрүнөн башкасына которуунун (трансформациялоонун) тартиби жөнүндө Жобо менен жөнгө салынат.

КР Жер кодексинин 20-беренесинин 12-пунктуна жана "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" КР Мыйзамынын 6-беренесине ылайык, айыл чарба багытындагы жерлердин категориясына кирген, айыл чарба жерлеринин бир түрү болуп саналган жайыттарды башка категориядагы жерлерге которуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн компетенциясына кирет.

"Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" КР Мыйзамынын 12-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктуна ылайык, шаар куруу документтеринин жана жергиликтүү өз алдынча

башкаруу органы тарабынан бекитилген Кыргыз Республикасынын жарандарын жер участоктору менен камсыз кылуу боюнча Программанын негизинде калктуу конуштардын аймактарын түзүү жана кеңейтүү менен байланышкан учурда айыл чарба багытындагы жерлерди башка категорияга которууга жол берилет.

Жайыттар айыл чарба багытында эмес жерлердин категориясына которулган учурда, жер участогунун ээси же жерди пайдалануучу айыл чарба жоготууларын жана алынбай калган пайданы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилеген нормативдер боюнча төлөшү керек. Белгилей кетүүчү жагдай, мындай учур 2021-жылдын 13-августунда Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр ЖАПАРОВ кол койгон мыйзамга карата колдонулбайт. Мыйзам айдоо жерлерине карата бул норманы жокко чыгарган. Жалпак тил менен айтканда, сугат айдоо жерлерин трансформациялоодогу жоготуулар компенсацияланбайт, ал эми жайыттарды трансформациялоодо алар компенсацияланат.

Айыл чарба багытындагы жер участогун башка категориядагы жерлерге которуу (трансформациялоо) боюнча акыркы чечимди Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети кабыл алат. Бирок айыл чарба багытындагы жер участогун башка категориядагы жерлерге которуу маселесин карoo процесси жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын деңгээлинде башталат.

Ошентип, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жер участогун бир категориядан экинчисине которуу боюнча арыз менен райондук комиссияга кайрылат. Райондук комиссия он жумушчу күндүн ичинде райондун мамлекеттик администрациясына жер участогун которуунун мүмкүндүгү же мүмкүн эместиги жөнүндө корутунду берет. Бул корутундуга белгиленген тартипте иштелип чыккан участокто үй куруу боюнча башкы план же анын негизинде даярдалган шаар куруу документтери жана техникалык-экономикалык негиздеме тиркелет.

Райондук комиссиянын корутундусу оң болгон учурда, “Кадастр” мамлекеттик мекемеси да материалдарды даярдап, өз чечимин, түшүндүрмө катын райондун тиешелүү жергиликтүү мамлекеттик администрациясына жөнөтөт, ал болсо жер участогун которууга макулдук берүү жөнүндө тиешелүү чечим кабыл алып, бардык материалдарды, анын ичинде жерге жайгаштыруу көктөмөсүн облустун мамлекеттик администрациясынын кароосуна жөнөтөт. Жерге жайгаштыруу көктөмөсү төмөнкү документтерден турат:

- арыз;
- участокко куруунун белгиленген тартипте макулдашылган башкы планы же анын негизинде иштелип чыккан шаар куруу документтери (көчүрмөсү) жана техникалык-экономикалык негиздеме (эгерде айыл чарба багытындагы жерди калктуу конуштун жерине которуу иши жүрүп жатса);
- айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын эсеби;
- ар бир менчик ээси жана жер пайдалануучу боюнча чарба жерлеринин түрлөрү боюнча жерлердин экспликациясы;
- чектерин жана масштабын көрсөтүү менен жер участогунун планы;
- райондук комиссиянын корутундусу;
- калктуу конуштардын аймактарына кеңейтүүдө жана жаңы калктуу конушту түзүүдө – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан бекитилген Кыргыз Республикасынын жарандарын жер участоктору менен камсыз кылуу боюнча Программанын көчүрмөсү;
- түшүндүрмө кат.

Облустук мамлекеттик администрация жер участогун башка категорияга которууга макулдук берүү жөнүндө тиешелүү чечимди кабыл алат жана бардык материалдарды Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кароосуна жөнөтөт.

КР Министрлер Кабинети жер участогун которуу тууралуу жерге жайгаштыруу документтерин “Кадастр” ММге жөнөтөт. “Кадастр” ММ эгер материалдар мыйзамдардын талаптарына жооп берсе, Жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттиктин тапшырмасы боюнча, КР Министрлер Кабинетинин жерди бир категориядан башкага которуу (трансформациялоо) жөнүндө токтомунун долбоорун даярдап, аны министрликтер жана ведомстволор менен макулдашып, андан кийин аны КР Министрлер Кабинетинин кароосуна жиберет.

КР Министрлер Кабинети жерди башка категорияга которуу тууралуу акыркы чечимди кабыл алат жана аны он күндүн ичинде “Кадастр” мамлекеттик мекемесинин филиалына жөнөтөт, ал болсо жети жумушчу күндүн ичинде жерди каттоо документтерине (Жер кадастрына) өзгөртүүлөрдү киргизүү менен процессти жыйынтыктап, жер бир категориядан экинчисине которулганы (трансформацияланганы) жөнүндө ЖӨБ органына кабарлайт.

ЭСТЕЙ ЖҮРҮҢҮЗ: “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө” КР Мыйзамынын 6-беренесинин 1-пунктуна ылайык, маданий

жайыттарды, түп-тамырынан жакшыртылган жайыттарды жерлердин башка түрлөрүнө же жерлердин башка категориясына которуу Өкмөттүн чечиминин негизинде жүзөгө ашырылат.

“Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө” КР Мыйзамынын 7-беренесине ылайык, жерлерди жеке турак жайларды курууга трансформациялоону кошпогондо, жайыттардын калган түрлөрүн башка түрлөрүнө же башка категорияларына которууну райондун мамлекеттик администрациясы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, республикалык же облустук маанидеги мэриялардын макулдугу менен жүзөгө ашырат.

**Жайыттарды калктуу конуштардын жерине которуу (трансформациялоо) иш-аракеттеринин алгоритми**




МЫЙЗАМДАРДАГЫ ЖАҢЫЛЫКТАР

## АЙДОО ЖЕРИН ТРАНСФОРМАЦИЯЛООДО ЖОГОТУУЛАРДЫН ОРДУН ТОЛУКТООНУ ЖОККО ЧЫГАРУУ ТУУРАЛУУ

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө” мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүүнү караган мыйзамга кол койду. Документ турак жай куруу пландаштырылбаган жер участокторуна үй куруп алган жарандардын көп жылдан берки көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган.

Маселен, мыйзам менен жол-жоболорду түшүндүрүү жана кайрыла турган органдарды тактоо аркылуу жер участокторуна документтерди алуу тартиби боюнча көйгөйлөр чечилүүдө.

Өлкөдө жарандардын жашоосуна кандайдыр бир деңгээлде таасирин тийгизген экономикалык кырдаалга, баалардын өсүшүнө, пандемияга байланыштуу жарандардын жашоо-турмушунда келип чыккан кыйынчылыктарды эске алуу менен бул мыйзам жарандарды айыл чарбадагы жоготууларга байланыштуу компенсацияларды төлөөдөн бошотот.

Белгилей кетсек, ушул кезге чейин жер участокторун трансформациялоодо турак жайларды куруп алган жер тилкелеринин ээлери айыл чарба жоготууларын жана алынбай калган пайданы төлөшү керек болчу.

Ошондой эле мыйзам менен жаңы конуштардын инфратүзүмүн жакшыртуу боюнча демилгелер трансформацияланган жерлердин ээлерине өткөрүлүп берилет[1].

[1] http://www.president.kg/ru/sobytiya/20312_podpisan_zakon_kirgizskoy_respubliki_o_vnesenii_izmeneniy_v_zakon_kirgizskoy_respubliki_o_perevode_transformacii_zemelnih_uchastkov

# ТЫШКЫ ИНВЕСТИЦИЯЛАР: ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЖАМААТ ҮЧҮН ПАЙДАБЫ ЖЕ БАЛЕКЕТПИ? КЫРГЫЗСТАНДЫН ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ОБРАЗЫН КАЛЫПТАНДЫРУУДА ЖАРАНДЫК КООМДУН РОЛУ

Уландысы. Макаланын биринчи бөлүгүн "Муниципалитет" журналынын 2021-жылдын сентябрь айында чыккан №9 санынан окуй аласыз.

М.СУЛТАМБАЕВдин, А.БАЛАКУНОВАнын, Н.А.МАМЫРАЛИЕВдин материалдарынын негизинде Н.ДОБРЕЦОВА даярдады.
"Кыргыз Республикасына тышкы инвестицияларды тартууда жарандык коомдун жана жергиликтүү жамааттын ролу" аттуу блиц-изилдөө ("Бир алкак – бир жол" демилгеси), Өнүктүрүү саясат институту,- Б., 2021.

**«"Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан" темир жол магистралын куруу долбоору Евразия темир жол тармагынын Борбор Азия тилкесиндеги альтернативалуу жана маанилүү звенолорунун бири болуп калат»,**

– деп белгиледи Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр ЖАПАРОВ. Бул тууралуу Жапаров 2021-жылдын 6-августунда Түркмөнстандын Түркмөнбашы шаарында өткөн Борбор Азия мамлекет башчыларынын Консультативдик жолугушуусунда сүйлөп жатканда айтты.

## Жагымдуу инвестициялык чөйрөнү түзүүдө ЖӨБ органдарынын жана КЭУнун ролу

Дүйнөлүк банктын эксперттеринин баамында, экономикалык саясаттын кошумча чаралары жана инвестициялар аймактагы шаарларга жана субулуттук борборлорго – хабдарга "Бир алкак – бир жолдун" (мындан ары – БАБЖ Долбоору) инвестицияларынан пайда алып турууга мүмкүнчүлүк берет. Төмөндөгү сүрөттө көрсөтүлгөндөй, Кыргыз Республикасынын көптөгөн ири облус борборлору, ошондой эле Бишкек жана Ош шаарлары да БАБЖнын инвестицияларынан олуттуу пайда ала алышат. Мында Кыргызстандын Ош облусунун өрөөндөгү муниципалитеттери эң көп пайда табышы мүмкүн. Жалпысынан алганда, Кыргызстандын шаарлары БАБЖ демилгесин ишке ашыруудан максималдуу пайда ала алышат.


Ошол эле учурда, эгерде ЖӨБ органдары өздөрү өзгөчө шаарларда инвестордун иши үчүн гана эмес, бир нече тармакта жагымдуу шарттарды түзүү боюнча да чаралардын комплексин иштеп чыкса, бул пайдаларды тезирээк жана чоңураак деңгээлде алууга болот. Тактап айтканда, логистикалык ресурстарды түзүү, жер пайдалануу жана менчикке укуктун ачык жана адилеттүү саясатын киргизүү; инфраструктураны жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу, ишкердик потенциалды өнүктүрүүнү колдоо ж.б. тармактарын колго алуу керек. Булардын ар биринде ЖӨБ органдары үчүн коммерциялык эмес уюмдар (КЭУ) натыйжалуу жана туруктуу өнөктөш болуп бере алышат.

**Логистика тармагына инвестиция.** Белгилүү бир шаардын жана анын айланасындагы транспорттук тармакка ири инвестициялар аны жергиликтүү транспорттук жана логистикалык түйүнгө айландырууга көмөктөшөт. Бирок бул натыйжалуу жана эффективдүү болушу үчүн максаттууинвестициялар зарыл жана логистикалык жеткирүү чынжырын модернизациялоо керек.

**Жерди пайдалануу саясаты жана менчик укуктары.** Жерди каттоонун жана жерди колдонуунун жөнгө салуунун натыйжалуу системасы, ошондой эле заманбап кадастр, инвестицияны тартуу үчүн да, жергиликтүү жумушчу күчүн камсыз кылуу үчүн да шаардын жер рыногунун жакшы иштешине зарыл шарттар болуп саналат. Кыргыз Республикасынын шаарлары жерди пайдалануу боюнча өзүнүн саясатын жаңыдан түзө башташты, тактап айтканда, Токмок, Каракол, Кара-Балта шаарларында укуктук зоналаштыруу аспаптары киргизилген. Бирок Баткен, Ош, Нарын өңдүү БАБЖнын инвестицияларынын таасири астында калган ири облустук борборлордо азырынча мындай саясат жок.

Мында жерди адилеттүү пайдалануу жана менчик укугун коргоо маселелери боюнча калкка маалыматты берип, эдвокаси-өнөктүктөрүн уюштурууга жөндөмдүү КЭУ ЖӨБдүн жардамчысы боло алышат.

**БАБЖ алкагында транспорттук инфраструктурага чек арадагы чыгымдардын жана инвестициялардын азайганынан улам регионалдык деңгээлде чыныгы кирешенин өзгөрүүсү, пайыз менен**




*Булак: Дүйнөлүк банктын "Бир алкак – бир жолдун экономикасы: Транспорттук коридорлордун мүмкүнчүлүктөрү жана тобокелчиликтери" аттуу анализи, Дүйнөлүк банк, 2020.*

**Инфраструктураны жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу.** Транспортко салынган инвестициялардан улам калктын агымы жергиликтүү инфраструктурага жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө басым жасоодо. Муну жолго салууга жардам берүү үчүн жергиликтүү бийлик органдары жергиликтүү транспорттук тармактарга инвестиция салып, жеткиликтүү кыймылсыз мүлктүн курулушу үчүн салыктык жеңилдиктер жана турак жай райондорун зоналаштырууга чектөөлөрдү азайтуу сыяктуу турак жайдын жеткиликтүүлүгүн жакшыртууга багытталган саясатты жүргүзө алат.

Эгемендүүлүк тарыхында КЭУ жана жергиликтүү жамааттар инфраструктураны жакшыртууда жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүүдө ЖӨБ органдарына чоң жардам көрсөтүп келишкен. Кызмат көрсөтүүгө жүргүзүлгөн коомдук мониторинг маселесинде, калктан кош каржылоону мобилизациялоодо, тарифтердин жана коммуналдык (муниципалдык) кызмат көрсөтүүчүлөрдүн ишинин ачык болушунда КЭУнун ролу өзгөчө чоң.

**Көндүмдөрдү өнүктүрүү, чакан жана орто бизнести өнүктүрүү программалары.** Жергиликтүү адамдык капиталга инвестиция салуу жаңы инвестицияларды тартууга жана учурда иштеп жаткандарын тейлөөгө жардам берет. Жергиликтүү чакан жана орто ишкерчиликке (ЧОИ) бизнесин өнүктүрүүгө колдоо көрсөтүү жана финансыга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу менен жергиликтүү бийлик органдары мындан да ири жергиликтүү инвестициялар үчүн жеткирүүчүлөрдүн чынжырчасын кеңейтип, бекемдей алышат. Бул маселеде КЭУ ЖӨБ органдарынын жана өкмөттүн биринчи жана эң маанилүү жардамчыларына айланат.

Дал ушул Кыргызстандагы КЭУ ишкерлердин потенциалын жогорулатуу, жаңы билимдерди жайылтуу, финансылык сабаттуулукту жогорулатуу боюнча дагы көптөгөн программаларды, анын ичинде социалдык ишкерликти өнүктүрүү программаларын ишке ашырышат. Бирок, бул программалардын көбү инвестициялык климатка эч кандай байланышы жок жана жакынкы келечекте КЭУнун милдети болушу керек болгон инвестициялык долбоорлордун муктаждыктарын жана келечегин анча эске албайт.

**Инвестиция тартуу жана инвестиция үчүн жагымдуу чөйрөнү түзүү.** Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары инвестиция тартууга жигердүү катыша алышат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын маанилүү милдеттеринин бири, "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР мыйзамынын 18-беренесине ылайык, тиешелүү аймактын экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылуу, ошондой эле инвестицияларды жана гранттарды тартуу болуп саналат. Бул тапшырмаларды аткаруу үчүн бийлик социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын иштеп чыгат, анын аткарылышы инвестиция тартууну талап кылат. Ар бир инвестициялык долбоордун конкреттүү көйгөйлөрүн чечүүдөн тышкары, инвестициялар калкты жумуш менен камсыз кылат жана жергиликтүү бюджетти толуктайт. Муниципалитеттин аймагына салынчу каражаттарды тартуу жана аларды натыйжалуу пайдалануу боюнча жергиликтүү өз алдынча



башкаруу органдарынын иши муниципалдык инвестициялык саясаттын маңызы болуп саналат.

ЖӨБ органдары конкреттүү бир калктуу конуштун аймагында артыкчылыктуу өнөр жай ишканаларына салыктык жеңилдиктерди берүү жөнүндө чечим кабыл алышы мүмкүн. Бул чечим 2019-жылдын 1-январынан кийин мамлекеттик каттоодон өткөн жаңы өнөр жай ишканаларына инвестиция салган инвесторлор менен артыкчылыктуу калктуу конуштардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосунда түзүлгөн инвестициялык макулдашуунун негизинде кабыл алынат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 24-апрелиндеги №193 токтому менен бекитилген типтүү инвестициялык макулдашууда төмөнкү шарттар каралган: инвестор 5 жылдын ичинде жумуш орундарын түзөт, макулдашууда белгиленген көлөмдө өндүрүшкө инвестицияларды камсыз кылат жана продукция сатуудан түшкөн каражаттын келишимде белгиленген өлчөмүн камсыздайт, ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы 5 жылга мүлк салыгы жана жер салыгы боюнча жеңилдиктерди берет[1]. Беш жылдан кийин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы сатуудан түшкөн каражаттын жана төлөнгөн киреше салыгынын суммасына жараша келишимди 10 жылга чейин узартууга укуктуу.


Негизинен стратегиялык документтерде да, мыйзамдарда да жагымдуу инвестициялык климатты түзүү үчүн ЖӨБ органдарынын инвесторлор менен байланыш түзүүсү үчүн жетиштүү ыйгарым укуктары каралган. Бирок инвестиция тартуу маселелеринде ЖӨБ органдары жергиликтүү жамаат менен өз ара аракеттенүү аспаптарын көп жакшы натыйжалуу колдоно албай жатышат. Атап айтканда, инвестициялык макулдашуулардын долбоорлорун коомдук талкууга коюу, калк менен инвесторлор арасында консультацияларды жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, инвесторлор менен жергиликтүү жамааттардын өз ара аракеттенүү механизмдерин иштеп чыгуу ж.б. практикасы дээрлик жокко эсе. Ошондуктан, инвестиция тартуу маселелеринде жергиликтүү жамааттын пикири угулбай калууда, бул болсо инвестициялык климатты жакшыртууга салым кошпой турганы анык.

## Тобокелдиктерди башкарууда КЭУнун жана ЖӨБ органдарынын ролу

БАБЖ демилгеси жергиликтүү калкка жана айлана-чөйрөгө таасирин тийгизет. Абанын булгануусу, токойлордун кыйылышы жана айлана-чөйрөнүн начарлашы экономикалык өсүштүн жана соода жүгүртүүнүн көбөйүшү өндүү оң маанайдагы таасирлер менен ийиндеш жүрүшү мүмкүн. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана ЖӨБ органдары инфраструктураны дагы да "жашыл" жана айлана-чөйрөгө азыраак агрессивдүү кылуу боюнча

[1] Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 330-беренесине ылайык, жергиликтүү кеңештер ишмердүүлүгү Салык кодексинин 1591-беренесинде белгиленген жеңилдетилген салык салууга жаткан ишканаларды мүлк салыгынан толук бошотууну камсыз кылууга укуктуу.

**Кыргыз Республикасында ВИЧ/СПИДдин жайылуу динамикасы, адамдардын саны**




*Булак: Саламаттык сактоо министрлигинин Республикалык СПИД борбору, 2021. http://aidscenter.kg/dannye/*

чараларды көрүп, потенциалдуу терс таасирлерди кантип азайтуу керек деген маселеге стратегиялык мамиле жасашы керек.

Мамлекеттик сатып алуулардагы тобокелдиктер. Өкмөттөр БАБЖ долбоорунун үзүрүн көрүшү үчүн сатып алуулар ачык, айкын жана атаандаштыкка туруктуу болушу керек, ошондуктан келишимдер менчигине же улутуна карабай долбоорду толук аткарууга жөндөмдүү компанияларга берилүүгө тийиш.

Кыргызстандын КЭУлары, жогоруда айтылгандай, бул тобокелдиктерди башкарууда маанилүү ролду ойношот, бирок сатып алууларга коомдук мониторинг жүргүзүү чөйрөсүндө КЭУнун өзүнүн потенциалын жогорулатуу үчүн мындан аркы аракеттер да талап кылынат.

**Коррупциялык тобокелчиликтер.** Инфраструктуралык долбоорлорду башкарууда кеңири таралган тобокелчиликтердин бири – коррупция – мамлекеттик кызматты жеке кызыкчылыгы үчүн кыянаттык менен пайдалануу.

Кыргыз Республикасынын КЭУлары коррупцияга каршы күрөшүү маселелерине көп көңүл бурушат, бирок алар бул көрүнүшкө инвестициялар жагынан аз карашат. Мисалы, Кыргызстанда Курулуш тармагынын ачыктыгын камсыз кылуу боюнча демилгеге (CoST)[1] кошулуу аракети эч бир оңунан чыкпай койду.

**Жамаат тарабынан коомдук мониторинг.** Коомдук мониторинг мамлекеттик эмес субъекттердин коом алдындагы отчеттуулугун жогорулатат, башкарууну жакшыртат, натыйжалуулукту күчөтөт жана коррупция менен күрөшө алат деген принципке негизделген. БАБЖ өлкөлөрү мониторингди долбоордун циклинин айрым бир баскычтарында отчеттуулукту жакшыртуу үчүн колдоно алышат.

Кыргыз Республикасы үчүн бул өтө актуалдуу маселе жана КЭУ коомдук мониторинг процесстерине барган сайын көбүрөөк тартылууда, бирок алар дагы эле мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө мониторинг жүргүзүүгө көбүрөөк көңүл буруп, инвестициялык өңүтүн көп эске албай жатышат.

**Социалдык жана экологиялык тобокелдиктер.** БАБЖ демилгеси адамдардын жана жумушчу күчүнүн кыймылынын эсебинен жамааттар жана өкмөттөр үчүн олуттуу кыйынчылыктарды жаратат. Көптөгөн транспорттук инвестициялык долбоорлорго курулуш иштери кирет, алар үчүн жумушчу күч зарыл, ал эми тиешелүү товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр жерине толугу менен жеткирилбеши мүмкүн. Мындай шартта жумушчу күчтүн бир бөлүгү сырттан келиши керек. Көпчүлүк учурларда, бул агым товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатуу үчүн же жумуш же бизнес мүмкүнчүлүктөрүн издөө үчүн келген жумушчу күчүн көзөмөлдөгөн башка адамдардын агымы (“жолдооучулар”) менен татаалдашат. Жумушчу күчтүн агымы деп аталган бул тез миграция долбоор иштеген аймактардагы коомдук инфраструктурага, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө, турак жайларга, ресурстарды туруктуу башкарууга жана социалдык динамикага терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Жумушчулардын

[1] Төрт континентти камтыган 15 мүчө-өлкөнүн биргелешкен демилгеси, CoST өкмөттөр, өнөр жай жана жергиликтүү жамааттар менен иштейт. Ачык-айкындуулукту жана отчеттуулукту жогорулатуу өлкөлөргө мамлекеттик инфраструктурага инвестициялардан түшкөн кирешени көбөйтүүгө жардам берет.

агымы убактылуу мүнөзгө ээ жана адатта объекттин курулушу учурунда же ошол маалда пайда болот. Жетекчилерге, өкмөттөргө жана жергиликтүү кызмат көрсөтүүчүлөргө кээде адаптацияланууга жана тийиштүү түрдө жооп берүүгө убактысы же каражаты жетпей калат.

Жумушчулардын жана алардын жолдоочуларынын бул агымы жергиликтүү жамааттарга, айрыкча алар элеттик, алыста жайгашкан же чакан болсо, жагымсыз социалдык жана экологиялык таасирлерди алып келиши мүмкүн. Терс таасирлерге төмөнкүлөр кирет: жергиликтүү товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө суроо-талаптын жана атаандаштыктын жогорулашы, бул баалардын жогорулашына жана жергиликтүү керектөөчүлөрдү сүрүп чыгарууга алып келиши мүмкүн; экосистемага жана жаратылыш ресурстарына суроо-талап жогорулайт; жамааттардын ичинде жана ортосунда социалдык чыр-чатактар пайда болушу ыктымал; жугуштуу оорулардын жайылуу тобокелдиги күчөп, мыйзамсыз жүрүм-турум жана кылмыштуулук күч алышы мүмкүн. Мындай терс таасирлер көбүнчө аярлуу жамааттарда же алардын жанында курулуш иштери жүргүзүлгөндө, ошондой эле тобокелдиги жогору болгон кырдаалдарда күчөйт.

Жумушчу күчтүн агымы да, транспорт тармагындагы жумушчулардын көбөйүшү да жыныстык жол менен берилген оорулардын жайылышына шарт түзөөрү өзгөчө тынчсызданууну жаратат. Кыска мөөнөттүү миграция, жумушчулардын үйдөн жана үй-бүлөдөн алыс жүргөнү, көптөгөн өнөктөштөр менен жыныстык катнашта болуу ыктымалдыгын жогорулатат, муну менен транспорттук жолдорду ВИЧ/СПИДдин очокторуна айландырат (Дүйнөлүк Банк, 2004). ВИЧке чалдыккандардын көбү БАБЖ коридорундагы өлкөлөрдө жашабаса да, алардын айрымдарында ооруну жуктурган жаңы учурлардын көбөйгөнү байкалууда. Чыгыш Европа жана Борбор Азия ВИЧ эпидемиясы ылдамдаган дүйнөдөгү жалгыз аймак, 2010-2017-жылдар аралыгында ВИЧ илдетинин жылдык өсүшү 30 пайызга көбөйгөн (ЮНЭЙДС, 2018). Кыргыз Республикасында 2019-2020-жылдары илдетти жуктурган адамдардын көбөйүшүнө карата абал турукташты, бирок эпидемиянын коркунучу жогору бойдон калууда.

Жергиликтүү жамааттардагы тобокелдиктерди жоюу үчүн Дүйнөлүк банк төмөнкүлөрдү сунуш кылат:

- ЖӨБ органдарынын жигердүү катышуусун камсыз кылуу, мисалы, жамааттар менен өз ара аракеттенүү жана жергиликтүү калктын да, миграцияда жүргөн жумушчу күчтүн да даттанууларын кароо боюнча тийиштүү комиссияларды түзүү;
- гендердик зомбулукту жана балдарга карата зомбулукту аныктоо жана отчеттуулук протоколдорун макулдашуу;
- жумушчулардын жана жамааттардын маалымдуулугун жогорулатуу үчүн маалыматтык өнөктүктөрдү баштоо.
- Тобокелдиктерди азайтуу үчүн мыкты практикалык чараларды колдонуу:
- жергиликтүү тургундардан жумушчуларды тартууга шыктандыруу;
- аялдарга жана кыздарга артыкчылык берүү менен аларды ишке орноштуруу;
- жумушка талапкерлер тууралуу маалыматтын талаптагыдай текшерилишин камсыздоо.

Жогорудагы чаралардын ар биринде формалдуу жана бейформал КЭУлар да маанилүү ролду ойной алышат, алар азыртадан эле көп жагынан бул көйгөйлөр жана чаралар менен алектенип келишүүдө. Мисалы, ВИЧ илдетине чалдыккан адамдарга мамлекеттик социалдык заказдын механизми аркылуу анонимдүүлүктүн негизинде жардам көрсөтүүнүн дээрлик бардык түрлөрү КЭУ тарабынан көрсөтүлүп келүүдө.

Инвестициялык климатты жакшыртуу жана инвестициядан түшкөн пайданы бөлүштүрүүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн КЭУ инвестициялык маселелерге көбүрөөк көңүл буруп, инвестициялык долбоорлорду талкуулоого, анын ичинде, социалдык жана экологиялык тобокелдиктерди башкарууга көбүрөөк тартылышы керек.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ошондой эле жаратылыш ресурстарын башкаруу чөйрөсүндө да кеңири ыйгарым укуктарга ээ, алардын компетенциясы бул чөйрөдөгү "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө", "Жер казынасы жөнүндө" КР мыйзамдары менен, ошондой эле жергиликтүү калк менен өз ара аракеттенүү боюнча ыйгарым укуктар менен аныкталат. Айлана-чөйрөнү коргоо жаатында, Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 16-июнундагы №54 "Экологиялык экспертиза жөнүндө" КР Мыйзамына ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана коомдук бирикмелер коомдук экологиялык экспертизаны жүргүзүү демилгесин көтөрүп чыгууга укуктуу.

# АЯЛДАР ИЧКИ ИНВЕСТИЦИЯЛАР АРКЫЛУУ ЖУМУШ ОРУНДАРЫН КАМСЫЗ КЫЛЫП, ЖАЙЫТТАРДЫ ТАЗАЛАП, АЙМАКТАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮДӨ!

**Көйгөйдүн сүрөттөлүшү**

Кыргыз Республикасынын жеңил өнөр жайы өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүндө олуттуу роль ойнойт, калктын басымдуу бөлүгү ушул тармакта эмгектенет. Бул тармак аймактарды өнүктүрүү жана жумушсуздук, жакырчылык менен күрөшүү үчүн өтө маанилүү. Нарын облусунун жергиликтүү базарында жүндү кайра иштетүүчү ири өндүрүштүн (заводдун) жоктугуна байланыштуу жүндү кайра иштетүү боюнча чакан жана орто бизнести өнүктүрүү, жүндөн даяр продукцияны өндүрүү актуалдуу жана суроо-талабы жогору маселе.

Чакан кол өнөрчүлүк ишканалары жана жергиликтүү аялдар жүндөн боз үйлөр үчүн кийизди, шырдактарды, ала кийизди жасашат, жүндү кол менен тытып, аны сабоого көп убакыт кетет. Бул иш ушунчалык татаал болгондуктан, жүндүн олуттуу бөлүгү колдонулбай кала берет жана көп учурда жайыттарга ыргытылат же кампаларда өтө узак мөөнөткө сакталат.

Жайкы жайыттардын абалы жазгы-күзгүгө



караганда начар. Деградация процесстери байкалууда, бул катуу жүн кайра иштетүүдө колдонулбагандыгы менен шартталган, ошондуктан анын баасы өтө төмөн – килограммына 5 сомдон, бул жүндү ташууга кеткен чыгымды актабайт. Буга байланыштуу фермерлер көбүнчө жүндү жайыттарга ыргытышат же өрттөшөт, бул болсо экологияга зыян келтирип, абаны булгоодо.

Мунун баары Нарын облусунда жүндү кайра иштетүү көлөмүн жана жүн продукциясын өндүрүүнү көбөйтүү үчүн жаңы ишканаларды түзүп, иштеп жаткан чакан жана орто ишканаларды өнүктүрүү муктаждыгы жогору болгонун көрсөтүп турат.

## Эмнелер жасалды?

Бегимжан МАЛДЫБАЕВА 2009-жылдын февраль айында жүндү кайра иштете баштоону чечкен. 2009-2018-жылдар аралыгында аз көлөмдө гана колго кийиз жасап келген, анткени жүндөн кийин жасоо көп убакытты талап кылат. Мындан тышкары инфраструктуранын өнүкпөгөндүгүнөн кийиз жылдын жылуу мезгилинде гана жасалган. Жүндү иштетүү процесси – сорттоо, колго жууп чыгуу, жүндү тытуу иштери коңшу айылдагы чакан цехте жасалып келген.

2018-жылы инфраструктура оңолду: суу өткөрүлүп, кампа жана өндүрүштүк жайлар курулду. Жүндү даяр кийизге айландыруу процесси азыр колго жасалган кийиз машинасынын жардамы менен жүргүзүлүүдө, анын баасы 1 800 000 сомду түздү. Жалпысынан алганда, өнөр жай өндүрүшүндөгү кийиз машиналары кымбат турат. Ошондуктан ишкананын кызматкери, инженер Молдобай КАРАГУЛОВ кийиз жасоочу машинаны өз күчү менен курап чыккан. Мындай жол менен чыгарылган кийиздин сапаты мыкты болуп, жакшы сатылат; кийиз жасоого кеткен убакыт азайгандыктан өндүрүштүн көлөмү да көбөйдү.

Андан кийин жүндү кайра иштетүүчү чакан ишкананы кеңейтүү тууралуу чечим кабыл алынды. Бул сапатты, продукцияны өндүрүү ылдамдыгын жакшыртып, көрпө тигүүчү цехти колдонууга берүү үчүн жаңы жабдууларды сатып алуу жолу менен мүмкүн болду. Кийинчерээк килем (шырдак), туш кийиз даярдоочу, аялдардын жана эркектердин сумкаларын, ноутбуктар, нетбуктар, планшеттер, телефондор үчүн чехолдорду, үйдө кийчү бут кийимдерди чыгаруучу цех ишке берилди. Мындан тышкары, мурда колдонулбаган, кол өнөрчүлүккө жарабаган, фермерлер ыргытып же өрттөп, муну менен экологияга зыян келтирип жүргөн жүндөн үйлөрдү, дубалдарды жана ар кандай чарбалык курулуштарды жылуулап, үн өткөрбөө үчүн техникалык кийиз жасоо чечими кабыл алынган. Курулуш тармагында техникалык кийизге суроо-талап жогору.

2020-жылы “996 Импакт Серкл” коомдук фондунун колдоосу менен жалпы суммасы 7000 АКШ долларына кийизди согуп-тытуучу жана тигүүчү машина сатылып алынган.

## Жыйынтыгы

2021-жылы Бегимжандын 30 сотых жери; аянты 120 чарчы метр болгон өндүрүш бөлмөсү; аянты 100 м2 болгон кампасы бар. Бегимжан жүн даярдоо (сатып алуу, сорттоо, тытып-согуу) менен алектенет; кийиз (килем (шырдак), туш кийиз жана кыргыз журканын) жасайт.

2018-жылдан ушул убакытка чейин 4 тоннага жакын жүн иштетилди, анын ичинде “Баястан” дыйкан чарбасынын өз өндүрүшүнөн 3 тонна чийки зат бар, 1 тоннасы ар кандай фермерлерден сатылып алынды. Ар бири 5 метр болгон 210дон ашык рулон (1050 метрден ашык) кийиз жасалды (1 рулон кийиздин стандарттык өлчөмү: туурасы 1,60-1,80 м, узундугу 5 м).

Продукцияны сатуу боюнча менеджердин күчү менен кийиз Ат-Башы базарында (базар жекшемби күнү гана иштейт) рулону 2000-3000 сомго сатылат. Кийиздин негизги керектөөчүлөрү – боз үйлөргө килем (шырдак), туш кийиз жана оюм-чийимдерди чыгаруучу чакан ишканалар, ошондой эле жыл сайын бийик тоолуу жайыттарда мал багууга чыгып, боз үйдүн кийизине муктаж болгон элеттиктер.

## Келечекке пландар

2021-жылдын башында 2800 долларга жүндү алгачкы иштетүү үчүн жүн согуучу машина сатылып алынган; жергиликтүү өз алдынча башкаруунун колдоосу менен кийизди кургатып, өндүрүү үчүн кошумча жай куруу пландалууда, анткени кийиз азырынча короодо гана даярдалууда. 2022-жылдын башында койдун иштетилбеген жүнүн тазалоо үчүн кир жуугуч машинасы, жүндү кургатуу үчүн центрифугалар; ийне сайгыч машина; компьютерлештирилген кыймылдуу рамасы бар жүн согуучу машина; кыргыз жууркаы үчүн бир ийнелүү машина; JANOME FM 725 үлгүсүндөгү тигүүчү машина сатып алып, орнотуу пландаштырылган.

Мунун баары өндүрүштүк кубаттуулукту чыңдоого жана кайра иштетилген жүндүн көлөмүн жылына 4 тоннадан 12 тоннага чейин жогорулатууга жардам берет.



## Экономикалык натыйжасы

Жүндү кайра иштетүү аялдардын ишкердүүлүгүн өнүктүрүүгө жардам берет, аялдар (жесирлер, жалгыз бой энелер ж.б.) башкарган кожолуктарга, майда фермерлерге (2-5 баш кою барларга), дыйкан чарбаларына жардам берип, кошумча киреше табуу үчүн жүндү (чийки зат) сатууга шарт түзөт. Бул болсо Кыргыз Республикасынын алыскы, бийик тоолуу аймактарында жашаган элеттиктердин жашоо деңгээлинин жогорулашына өбөлгө түзөт. Анткени айылда жумуш менен камсыз кылуунун башка чөйрөсү жок, мал чарбасы жергиликтүү тургундардын жалгыз киреше булагы бойдон калууда. Буюмдарды кайра иштетүү жакырлардын санын кыскартууга жардам берет, региондо, өлкөдө жакырчылык менен күрөшүүгө өбөлгө болот.

Монополияга каршы туруу аракети бар жана атаандаштык чөйрөсү түзүлүүдө, бул чакан бизнестин рынок экономикасы бар системада иштөөсүнүн негизги шарты болуп саналат, мунун натыйжасында товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баанын өсүшүн токтотууга мүмкүн болот, ишкерлер өз продукциясынын сапатын дайыма жогорулатып, жаңы технологияларды киргизип турушат.

Айылдын тургундары үчүн жумуш оруңдары түзүлдү, алар үй-бүлөнүн киреше булагын ай сайын 15 000 сомдон 24 000 сомго чейин толуктоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту (кызматкерлердин жалпы саны – 9 киши, анын ичинде 2 эркек жана 7 аял).

2022-жылдан баштап жаңы жабдууларды сатып алып, орнотуп, өндүрүштүк кубаттуулукту күчөткөндөн кийин жылына 4 тоннадан 12 тоннага чейин жүндү кайра иштетүү пландалууда.

## Социалдык жана экологиялык натыйжасы

Чакан бизнестин өнүгүү деңгээли жана ишкерлердин жигердүүлүгү көбүнчө мамлекеттин демократиялашуу деңгээлин жана экономиканын ачыктыгын аныктайт. Жүндү кайра иштетүү көптөгөн маанилүү маселелерди чечүүгө шарт түзөт.

Мисалы:

- кошумча жумуш орундарын түзүү аркылуу жумушсуздук менен күрөшсө болот;
- калктын бакубатчылыгын жогорулатып, орточо кирешеси бар жарандардын пайызын көбөйтүү менен жакырчылыктын деңгээлин түшүрсө болот;
- элдик кол өнөрчүлүктү сактап калууга болот: ишканалар адамдардын каалоолоруна, сунуштарына, адаттарына жана каада-салттарына ыңгайлаша башташат;
- аймакта болгон ресурстарды жана чийки заттарды колдонуу мүмкүн болот;
- чыгармачылык потенциалды ачып, адамдардын активдүүлүгүн жана ишке жөндөмдүүлүгүн ишке ашырууга шарт түзүлөт;
- жайыттарды деградациядан коргоп, аларды жүндөн арылтууга болот;
- жүндү өрттөп, абаны булгоо коркунучу азаят.

## Ишти жаңы баштап жаткандарга кеңеш

Бегимжан бизнеси жолго салынганча татаал жолду басып өттү. Ошондуктан, Бегимжандын тажрыйбасы мындай жолдун башында тургандардын баарына пайдалуу болот. Бегимжан анын жолун жолдогусу келгендерге мындай кеңештерин берди:

Бизнес-план жазып жатканда долбоорду ишке ашыруу үчүн өтө кыска мөөнөт белгиленген – эки жыл деп көрсөтүлгөн. Өлкөдө экономикалык абал оңой эмес, бюрократия жана коррупция бар, ошондуктан мындай мөөнөт реалдуу эмес эле. Бизнес-планда долбоорду ишке ашыруу мөөнөтү 3 жылдан 6 жылга чейин деп белгилениши керек.

Бизнес-долбоордун презентациясы абдан кенен, деталдуу түрдө даярдалчу. Мен 3-5 мүнөттө айтып жетише албай калып жаттым, керектүү

маалымат инвесторлорго, донорлорго жана уюмдарга жетпей жатты. Андыктан презентация ашып кетсе 5-6 слайддан турушу керек. Кыска, так сүйлөп, 3-5 мүнөттүн ичинде жеткиргенге аракет кылыш керек.

Долбоорду ишке ашырууда бардык документтерди иретке келтирип алуу зарыл (каттоо, салык төлөмдөрү ж.б.). Мамлекеттен жана донорлордон финансылык колдоо алуу мүмкүнчүлүгү чоң, бирок алардын баары жакшы уюштурулган жана жакшы башкарылган чынчыл бизнеске гана жардам беришет.

Өз укуктарыңызды жана милдеттериңизди билишиңиз керек, ишкананын ишине тиешелүү мыйзамдарды, кодекстерди жана башка ченемдик укуктук актыларды кунт коюп окуп чыгуу зарыл. Мыйзамдарды, өз укуктарыңызды жана милдеттериңизди билбегендиктин кесепеттери жагымсыз болуп калышы мүмкүн.



**Анарбүбү АЙДЫРАЛИЕВА, 47 жашта, кийиз жасоочу ишкананын кызматкери:**

“Жүндү кайра иштетүүчү цех ачылганга чейин мен үй кожойкеси болчумун, жумушка орношууга мүмкүнчүлүк болгон эмес. Эми мен цехте иштей баштаганыма абдан кубанычтамын. Аялдар үчүн акча табуу үчүн гана эмес, өзүн-өзү өнүктүрүп, жаңы нерселерди үйрөнүүгө жакшы мүмкүнчүлүк пайда болду”.

**Касымбек АЛТЫБАЕВ, 43 жашта, Жайыт комитетинин башчысы, Нарын облусунун Ат-Башы районунун Кара-Куюн айылдык аймагынын жергиликтүү кеңешинин депутаты:**

“Жайыттарда койду кыркkандан кийин кайра иштетүүчү ишканалардын жоктугунан чогулган жүн жөн эле өрттөлүп, экологияга зыян алып келчү. Жүндү кайра иштетүүчү цех ачылгандан кийин биздин жана кошуна айылдардын тургундары жүндү алып келип, аны иштетүүгө беришет. Азыр жайыттарда ташталган жүндүн көлөмү азайды. Ошентип, жайыттарды сактап калууга болот деп ишенем, алар таштандылардан тазаланып, туристтер үчүн жагымдуу аймакка айланат. Аймакта жүндү кайра иштетүүчү ишкананын ачылышы Кыргыз Республикасынын уникалдуу жаратылышын сактоого жана жайыттарды ташталган жүндөн тазалоого жардам берет. Муну менен бирге жергиликтүү бюджет салык кирешелеринин эсебинен толукталууда, бул болсо өз кезегинде жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жардам берет”.

**Бегимжан МОЛДОБАЕВА, жергиликтүү кеңештин депутаты, жеке ишкер:**

“Жүндү кайра иштетүү боюнча ишти баштоо идеясы оңойго турган жок. Мен көптөн бери колдоо жана каржылоо булагын издеп жүрдүм. Грант издеп, жалпысынан 30дан ашык өтүнмө жаздым. Бизнес-план жазууда, аны инвесторлорго, донорлорго тааныштырууда ката кеткен учурлар болду. Бирок мен артка чегинбестен, кеп-кеңештерди алып, идеямды улам жакшыртып отурдум. Натыйжада, бизнесим башталып, ийгиликтүү иштеп жатат!”.

**Макала FHI 360[1] ишке ашырган USAIDдин «Жигердүү жарандар» долбоорунун колдоосунда даярдалды**

[1] Бул басылма Америка Кошмо Штаттарынын Эл аралык өнүктүрүү агенттиги (USAID) аркылуу Америка эли көрсөткөн жардамдын натыйжасында жарык көрдү. Басылманын мазмуну үчүн Өнүктүрүү саясат институту жооптуу, жана ал FHI 360тын, USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн позициясын сөзсүз түрдө чагылдыра бербейт. Материалдарды “Жергиликтүү кеңештин аял депутаттарына карата позитивдүү мамилени калыптандыруу” долбоорунун алкагында Өнүктүрүү саясат институту топтоду.

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН АЯЛ ДЕПУТАТТАРЫ ИШКЕ КИРИШТИ: АЛАР ЖУМУШ ОРУНДАРЫН ТҮЗҮҮДӨ, АЯЛУУ ҮЙ-БҮЛӨЛӨРГӨ ЖАРДАМ БЕРҮҮДӨ, ЖОЛДОРДУ ТАЗАЛАП, БЮДЖЕТТИ ЧЕЧМЕЛЕШҮҮДӨ

***Айнура ДЖУНУШАЛИЕВА,***
“Жергиликтүү кеңештин аял депутаттарына карата позитивдүү мамилени калыптандыруу” Долбоорунун жетекчиси

2021-жылдын жазында өткөн жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо аялдардын өлкөнүн жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна саясий катышуу тарыхында кандайдыр бир деңгээлде рекорд койду – жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын мандаттарынын үчтөн биринен көбү – 39 пайызын аялдар алышты. Бул көбүнэсе мыйзамдардын деңгээлинде аялдар үчүн жергиликтүү кеңештерде мандаттарды резервде кармоонун эсебинен мүмкүн болду.

Жергиликтүү кеңештерде аялдардын өкүлчүлүгүнүн 10 пайыздан 39 пайызга чейин жогорулашы Кыргызстандын шайлоо тарыхындагы эң маанилүү учур болуп саналат. Бул кеминде 29%, ал эми абсолюттук маанисинде дээрлик 2200 аял биринчи жолу жергиликтүү кеңештин



депутаты болот дегенди билдирет. Бирок шайлоодогу жеңиш аялдардын жергиликтүү кеңештин ишине бирдей жана ийгиликтүү катышуусун билдирбей турганы азыртан эле анык болуп турат. Өз позициясын коргоо үчүн аялдарга өжөрлүк жана көктүк гана эмес, ошону менен бирге жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруунун негиздерин жана принциптерин билүү, жергиликтүү кеңештин ишинин маңызын түшүнүү жана башка көптөгөн конкреттүү билимдер керек болот. Булардын бардыгы аялдарга өзүн депутат катары толук көрсөтүүгө жардам берет.

Мындан тышкары, убакытты башкаруу, баарлашуу жана эл алдында сүйлөө жөндөмү, өнөктөштүктү калыптандыруу жана чыр-чатактарды азайтуу сыяктуу жеке көндүмдөр да аял депутаттын өнүгүүсүндө жана ишин жөнгө салып кетишинде маанилүү роль ойнойт.

Адатта, бул билимди сиңирип, көндүмдөрдү өздөштүрүү үчүн жаңы депутат жылдарга созулган эмгек жолун басып өтүшү керек. USAIDдин "Жигердүү жарандар" долбоору аркылуу каржыланган "Жергиликтүү кеңештин аял депутаттарына карата позитивдүү мамилени калыптандыруу" долбоору 10 максаттуу муниципалитетке ар тараптуу колдоону сунуштайт. Мунун ичине жергиликтүү өз алдынча башкаруунун түзүлүшү жана аны уюштуруу өңдүү маанилүү темалар боюнча окуулар жана инсан катары калыптандырган көндүмдөр боюнча тренинг да бар, бул окуулар аялдын депутат болуп өсүүсүнө өбөлгө болуп берет. Ошондой эле практикалык тапшырмаларды аткарууда долбоордун тренерлери жол көрсөтүп, насаатчылык ишин аркаласа, жергиликтүү кеңештин тажрыйбалуу аял депутаттары тажрыйбасы менен бөлүшөт.

Долбоор аял депутаттар туш болгон көйгөйлөрдүн өзөгүн билип, алардын активдүүлүк себептерин баамдай алды. "Муниципалитет" журналы жергиликтүү кеңештердин депутаты болуп калган аялдар кандай вазыйпаны аткарып жатканы, алар кандай тышкы жана ички кыйынчылыктарга дуушар болгону, ушул кезге чейин кандай жеңиштерге жетишкени, алдыда дагы эмне күтүп турганы тууралуу иргелип алынган окуяларды сыймык менен сунуштайт. Бул түрмөктү USAID каржылаган "Жергиликтүү кеңештин аял депутаттарына карата позитивдүү мамилени калыптандыруу" долбоорунун буюртмасы менен эксперттер Анара МУСАЕВА жана Айнура БАЛАКУНОВА даярдашты. М









# МЭЭРИМ АКИРОВА: "АЯЛДАРДЫН ЭМГЕГИ ЭРКЕКТЕРДИН ЭМГЕГИ МЕНЕН БИРДЕЙ ДЕҢГЭЭЛДЕ ТААНЫЛЫШЫ КЕРЕК!"



Ысык-Көл облусунун Тоң айылдык кеңешинин депутаты Мээрим Токтомушевна АКИРОВА 11 жылдан бери билим берүү тармагында эмгектенет – алгач мектепте, андан кийин бала бакчада иштеп жүрүп, айылдагы социалдык көйгөйлөрдү жакшы билгенден тышкары, аларды чечүү жолдоруна да көзү жетет. Билгендерин элдин пайдасына колдонуу үчүн Мээрим жергиликтүү кеңештин депутаты болуп калды. Мындай жоопкерчиликтүү ишти алып кетүү үчүн Мээримде бардык зарыл сапаттар бар: чечкиндүү, айыл тургундарынын арасындагы абройго ээ, ачык сүйлөйт жана өз сунуштарын негиздеп бере алат. Жашоо шартына байланыштуу көйгөйлөрдөн тышкары, аялдардын жамааттын өнүгүшүнө кошкон салымы азырынча бааланбай жатканы Мээримди түйшөлтүп жүргөн. Мындан улам жергиликтүү кеңештин депутаттары менен болгон жолугушууда "Айылдык аймактын ардактуу атуулу" наамын берүүдөгү критерийлерге өзгөртүүлөрдү киргизүүнү сунуш кылды. Мээрим мындай демилгени бул наамга татыктуу көптөгөн аялдардын эмгеги дайыма эле көз жаздымында калып жатканы менен негиздеди.

Маселенин чоо-жайы менен таанышуу процессинде депутат кеңеш алуу үчүн юристтерге кайрылып, башка муниципалитеттердин тажрыйбасы менен жакындан таанышып, андан кийин бардык материалдарды айыл өкмөтүнүн кызматкерлерине жана жергиликтүү кеңештин депутаттарына өткөрүп берди.

Андан кийин Мээрим "Айылдык аймактын ардактуу атуулу" наамына ким талапкер боло алат деп ойлоно баштады. Жергиликтүү жамааттын лидерлери, айрыкча жаштар жана айыл башчысы анын идеясын колдоого алышып, бир добуштан Шайыр БЕЙШЕКЕЕВАнын талапкерлигин сунушташты. Шайыр БЕЙШЕКЕЕВА пенсияга чыкканына карабай тургундарга медициналык кеңеш алууга жардам берип келатат. Анын жардамы өзгөчө COVID-19 эпидемиясынын шартында пайдалуу болду.

Мээрим көп балалуу эне, анын алты баласы бар. Алардын экөө бойго жетип, учурда жогорку окуу жайында билим алышат. Жолдошу Мээримди жергиликтүү кеңештин депутаты катары бардык аракеттеринде колдойт. Балдар да апасы азыр депутат экенин жана анын коомдук иши алда канча арбыганын түшүнүп турушат.

Келечекте Мээрим айылдык аймакта балдар менен жигиттер гана эмес, кыздар да спорт менен алектене ала тургандай шарт түзүп берүүнү каалайт. Депутат жүйөлүү сунушту даярдап, андан кийин тиешелүү чараларды өнүктүрүү программасына жана жергиликтүү бюджетке кошууну көздөп жүрөт. Бирок өзү дагы демилгесин колдоп бере турган демөөрчүлөрдү издемекчи.

# ЕВГЕНИЯ КОРЯГИНА: "ДЕПУТАТ СЕЙИЛ БАКТЫ КӨРК-ТӨНДҮРҮҮНҮ ГАНА СУНУШ КЫЛБАСТАН, ДЕМИЛГЕСИН ИШКЕ АШЫРУУ ҮЧҮН КАРАЖАТ ДА ИЗДЕП ЖАТАТ"

Орлов шаардык кеңешинин депутаты Евгения Юрьевна КОРЯГИНА Орловка шаарындагы "Кыргызжылуулукэнергонун" филиалынын абоненттер бөлүмүнүн башчысы болуп, сегиз жылдан бери эл менен иштеп келатат. Евгения адамдар менен тез эле тил табышып кете алат, аларды укканды гана эмес, сүйлөшкөндү да билет, жердештери ага ишенип, көйгөйлөрү тууралуу

дайыма айтып турушат. Көбүнчө Орловканын жашоочуларын ичүүчү суу менен камсыздоо жөнүндө сөз болот, ошондуктан Евгения аны муниципалдык менчикке өткөрүп, суу менен жабдуу системасын калыбына келтирүүгө киришти. Евгения жергиликтүү кеңештин сессиясында тиешелүү сунуш киргизип, алгачкы жыйынтыктарга да жете алды, Евгениянын көмөгү менен суу резервуары жергиликтүү бюджеттин эсебинен оңдолду. Анын демилгелерин Орловка шаарынын мэри жана шаардык кеңештин төрагасы да колдойт. Депутаттык ишмердүүлүгүндө ал аялдар чечкиндүү болуп баратканын байкап, бардык депутаттарга, анын ичинде эркектерге да өз оюндагысын жеткирүүгө аракет кылып жатканын белгиледи. Депутат катары ал дайыма кварталчылардан, аксакалдар сотунан, аялдар кеңешинен, жаштар комитетинен жана демилгелүү топтун мүчөлөрүнөн колдоо таба алат. Жакында алар шаар тургундары арасында сейил бакты көрктөндүрүүгө байланыштуу сурамжылоо жүргүзүп, шаардыктар сейил бактан эмнени күтүп жатканын билүүгө аракет кылышты. Сурамжылоонун жыйынтыктары бул көйгөй бардык тургундар үчүн, айрыкча аялдар үчүн канчалык маанилүү экенин көрсөттү, алар сейил бакта балдар аянтчасын куруу зарылдыгын айтышты. Сурамжылоонун жыйынтыгы мэрияга өткөрүлүп берилип, сейил бакты көрктөндүрүү боюнча документтер даярдалды. Бирок, долбоорду ишке ашырууга көп каражат талап кылынган эле. Буга карабастан Евгения алакан жайып отуруп калбастан, бир топ иштерди пландап жатат: мисалы, мэрияга сейил бакты Орловка шаарынын тургундарына ыңгайлуу кылууга жардам берүү үчүн акча чогултуу боюнча маалыматтык баракчаларды даярдоого көмөк көрсөтүп келүүдө. Евгениянын жолдошу жана эки кызы бар. Жергиликтүү кеңештин депутаттыгына ат салышаар алдында ал бул маселени үй-бүлөсү менен талкуулап, бүгүнкү күндө алардын колдоосу менен жергиликтүү кеңештин депутаты катары ийгиликтүү иштеп жатат. Аялынын коомдук иштеринин маанилүүлүгүн жана натыйжалуулугун түшүнүп, жолдошу ага болгон колдоосун көрсөтөт.



# ИРИНА ЖОЛДОШЕВА: “ЖАМААТТА ГАНА ЭМЕС, АР БИРИБИЗДИН ИЧИБИЗДЕ ДА ГЕНДЕРДИК СТЕРЕОТИПТЕР МЕНЕН КҮРӨШҮҮ МААНИЛҮҮ”

Ысык-Көл облусунун Кызыл-Туу айылдык кеңешинин депутаты Ирина ЖОЛДОШЕВА көптөн бери Кызыл-Туу айылында мектептин директору болуп эмгектенет. Ал айылдыктардын бир нече муунун тарбиялап, окуткан. Дал ушул ЖОЛДОШЕВАнын жардамы менен бүгүнкү күндө окуучуларда англис тилин үйрөнүүгө жана тилди билгендер менен баарлашууга мүмкүнчүлүгү бар: Иринанын демилгеси менен Тынчтык корпусунун ыктыярчысы мектепке чакырылган. Ирина чынчыл, калыс адам, ар дайым көйгөйлүү кырдаалды мыйзамдардын чегинде кылдат чечүүгө аракет кылат, эч кимдин өтүнүчүн көңүл сыртында калтырбайт, жарандардын мамлекеттик органдарга кайрылуулары кандай нукта чечилип жатканына көз салып турат. Ирина бул сапаттарын депутаттык ишинде да көрсөтүп, экинчи жолу жергиликтүү кеңештин депутаты болду. Иринанын биринчи чакырылышы бүткөндө, тургундар



андан талапкерлигин дагы бир жолу көрсөтүүнү суранышкан. Ирина эч бир кайрылууну көз жаздымында калтырбайт.

Депутат, жамааттын активисти катары Ирина, ошол эле учурда, өз укуктарын коргоого аракет

кылган аял кандай кыйынчылыктарга туш болорун жакшы түшүнөт. Бул айрыкча айылдашы Асылдын (ысымы өзгөртүлдү) тагдырында ачык көрүнүп турат. Асыл кичинекей балдардын энеси, балдарын коомдук иш-чараларга алып жүрүүгө мажбур. Балдарын ээрчитип коомдук жашоого катышууга аракет кылган Асыл терс маанайдагы сөздөрдү көп угат, өзү да жигердүү болуп, балдарын да ээрчитип алганы айрымдарга жага бербейт. Ирина Асылга боор тартат жана аялдардын жашоо шарттарын кантип жакшыртып, өзгөчө саясий укуктарын кеңейтсе болоору жөнүндө терең ойлонуп жүрөт. Бирок азырынча толук жооп таба элек.

Буга карабастан Ирина айрыкча жумуш орундарынтүзүүаркылууаялдардынэкономикалык шарттарын жакшыртууга аракет кылып жатат. Ошентип, ал жергиликтүү лицей менен бирге кошумча билим алууга мүмкүнчүлүгү жок адамдар үчүн чач тарач курстарын ачуу демилгесин көтөрүп чыккан. Депутат бул үчүн айыл өкмөт башчысын курстарды ачуу, ал тургай жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүү зарылчылыгы бар болгонуна ынандыра алды. Натыйжада, ылайыктуу бөлмө оңдолуп-түздөлүп, анда 50дөн ашык адам окуудан өтүп, алар кийин жумушка орношту. Иринанын демилгеси ЖӨБ органдарынан гана эмес, жергиликтүү жамааттан да колдоо тапты: курстун катышуучуларынын ата-энелери, кварталчылар жана төрт айылдын башчылары муктаж болгон тургундар үчүн, айрыкча кыздар жана аялдар үчүн арналган курстар жөнүндө маалыматты жайылтууга жардам беришти.

Ирина депутаттык ишмердүүлүгүн мектептеги иши менен айкалыштырууну улантууда жана билим берүү мекемесинин директору жана жаңы чакырылыштын депутаты катары 2021-жылы мектептердин материалдык-техникалык базасын жакшыртууга киришти. Бул багытта балдар жана кыздар үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү максатында мектептин ичинде даараткана куруу өтө маанилүү деп эсептейт.

Ирина бойго жеткен төрт баласынын жана беш небересинин колдоосун сезип турат, аларды өзүнүн коомдук жана педагогикалык вазыйпасын аткарууда дем берип, шыктандырып турган чоң күч катары баалайт.

# АИДА ЮСУПОВА: “ЖАМААТТЫН КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРЫН ЖАНА АЯЛДАРДЫН САЯСИЙ УКУКТАРЫН КОРГОП ЖАТКАНДА АРТКА ЧЕГИНБЕШ КЕРЕК”




Эгерде Чүй облусунун Бурана жергиликтүү кеңешинин депутаты Аида ЮСУПОВА кайсы бир ишти баштаса, сөзсүз түрдө анын өтөсүнө чыгат. Аида абдан жоопкерчиликтүү адам, ал өзүн айылынын патриоту деп эсептейт жана айыл аймагы эл бактылуу болуп жашай турган жерге айланышын каалайт. Аида иштебегендиктен, өз аймагынын жана жергиликтүү жамааттын жашоосуна жигердүү катыша алат. Ошондуктан, ал жергиликтүү кеңештин депутаты болууну чечти. Жашоочулардын чыныгы көйгөйлөрүн түшүнүү максатында Аиданын демилгеси менен калк менен жолугушуулар өткөрүлүп турат. Аида бул көйгөйлүү маселелерди чечүү боюнча чаралар социалдык-экономикалык өнүгүү программасына, андан кийин жергиликтүү бюджетке киргизилишин камсыздоону каалайт. 2021-жылы Аида айылда балдар аянтчасын куруу демилгесин көтөрүп чыккан. Ал айылда балдардын эс алуусу үчүн иш жүзүндө эч кандай шарт жок экенин өз тажрыйбасынан улам билет. Анын демилгесин кесиптеш депутаттар, айыл өкмөт башчысы жана жергиликтүү жамааттын лидерлери колдоого алышты.

Депутаттык чөйрөдө жетишкен ийгиликтерине жана олуттуу жыйынтыктарга карабастан, Аида аял депутатка, атап айтканда, ЖӨБдүн аткаруу органдары – айыл өкмөтү менен иштөө кыйын экенин моюнга алат. Мисалы, аял депутаттар тобуна өзүнүн көзөмөлдөө ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу, жергиликтүү бюджет жана Айыл

чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин пайдалануу жөнүндө толук маалымат алуу оңой болгон жок. Жергиликтүү жамааттын менчиги болгон бул ресурстардын колдонулушу тууралуу айыл өкмөтүнүн кызматкерлери толук маалыматты ачыкка чыгаргысы келбегендиктен, аял депутаттар прокуратурага кайрылууга аргасыз болушту.

Айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоо аялдардын саясий укуктарын басмырлоо аракетинин дагы бир мисалы боло алат. Бул шайлоонун жыйынтыгы боюнча башчы жергиликтүү кеңештин депутаттарынын арасынан шайланган. Кеңештеги бош орунду талапкерлердин тизмесинде кийинки орунда турган аял ээлеши керек эле. Бирок кеңешке дагы бир эркек киши келиши үчүн аялды мандатынан баш тартууга аргасыз кылышкан. Гүлмира (аты өзгөртүлдү) ЖӨБ органдарынын олуттуу каршылыгына туш болду, бирок артка чегинбестен, жергиликтүү кеңештин депутаты болуп калды.

Аида үй-бүлөсүнөн күч алат – күйөөсү жана төрт уулу аны бардык жагынан колдоп турушат.

# КҮЛСҮН АССАКУНОВА: “АЯЛ ДЕПУТАТТАР ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕ САБЫРДУУ ЖАНА СЫЙ-УРМАТКА НЕГИЗДЕЛГЕН ЖАГДАЙДЫ ТҮЗӨ АЛЫШТЫ”

Ош облусунун Ак-Жар айылдык кеңешинин депутаты Күлсүн АССАКУНОВА 35 жылдан бери мектепте мугалим болуп эмгектенет, ал чынчылдыгы менен белгилүү, дайыма адилеттик үчүн күрөшүп келет. Бул сапаттары үчүн жергиликтүү тургундар аны жакшы көрүшөт. Күлсүн жергиликтүү тургунга баш кошуп, Нарындан келгенине карабастан айылдын эли аны ушул жердин кызы катары кабыл алышат. Күлсүн башка муниципалитеттердегидей эле анын айылынын маанилүү көйгөйлөрү талкууланган жолугушууларга аялдар өтө аз катышаарын көптөн бери байкап жүргөн. Бирок Күлсүн өзү дайыма ушундай иш-чараларга катышууга аракет кылып, үлгү көрсөтүп, мекендештерин жигердүү болууга шыктандырып келет. Күлсүндүн жардамы менен кырдаал акырындык менен өзгөрүүдө: жолугушууларга жана коомдук угууларга катышкан аялдар көбөйүүдө. Ошол эле учурда аялдар жөн гана үн катпай катышып тим болбостон, өз пикирлерин айтып, сунуштарын да берип турушат.

Күлсүн экинчи жолу жергиликтүү кеңештин депутаты болуп отурат. Биринчи чакырылышта ал дайыма эркек депутаттардан колдоо таппай келген, бирок 2021-жылы кырдаал өзгөрүп, аял депутаттардын саны көбөйдү, алар команда түзүп, бири-бирин колдоп турушат. Аялдардын көбүрөөк катышуусунан улам кеңеште чыр-чатактар да азайып, эркек депутаттар бири-бирине көбүрөөк сый мамиле жасап калышты.

Депутаттык ишинде Күлсүн турмуштук тажрыйбага жана акылга таянат. Мына ошондуктан үй-бүлөлөрдүн бакубат турмушу үчүн кам көрүп,




жергиликтүү кеңешти майрамдарга, тойлорго, сөөк коюуга кеткен чыгымдарды азайтуу боюнча мүмкүн болгон чараларды талкуулоого чакырды.

Күлсүн калктын аялуу катмарын коргоого көбүрөөк көңүл бурат. Мисалы, ал Оштогу жогорку окуу жайына кирүүнү каалаган жетим кызга жардам уюштуруу ишин колго алган. Университет менен болгон сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө Күлсүн жетимдин окуусун 75% арзандатууга жетишти, ал эми калган 25% керектүү сумма жергиликтүү бюджеттин эсебинен алынды. Студенттин Оштогу жатаканасы үчүн акча төлөө маселеси да чечилди – Күлсүн “WhatsApp” тайпалары аркылуу байланышкан жергиликтүү мектептин бүтүрүүчүлөрү кол сунушту.

Күлсүн аны колдогон үч уул-кыздын апасы. Күлсүндү кайын журту да колдоп турганы абдан маанилүү; алардын колдоосу менен ал экинчи жолу жергиликтүү кеңештин депутаты болуп шайланды.

# ГҮЛЯНДА ОРУНБАЕВА: "КӨЙГӨЙЛӨРДҮН КЕСЕПЕТТЕРИН ЖАШЫРГАНДАН КӨРӨ, АЛАР ТУУРАЛУУ АЧЫК АЙТЫШ КЕРЕК"



Ош облусунун Кара-Таш айылдык кеңешинин депутаты, 15 жылдык тажрыйбасы бар мугалим Гүлянда Мамадалиевна ОРУНБАЕВА аялдар адамдар менен көп баарлашкандыктан, жергиликтүү жамааттын көйгөйлөрүн ичинен терең билишет деп эсептейт.

Гүлянда кесепеттерин жашырууга аракет кылгандан көрө, көйгөйлөрдү ачык айтуу жакшы деген принципти бекем колдойт. Ал өзү бир нече жолу коомдук иш-чараларда ачык жана чынчыл сүйлөгөн сөздөрү үчүн жергиликтүү бийликтин нааразычылыгын көргөн, мисалы, тургундардын өтүнүчү менен эмес, "чоң жетекчилик" келээр алдында жолдордун эптеп-септеп, "кожо көзүнө" оңдолушун сынга алып чыкканда кысымды байкаган. Бирок Гүлянда аткаминерлердин терс мамилесинен коркпойт жана башкаруудагы эски "жараларды" ачыкка чыгарууну уланта берүүдө. Мисалы, мектеп окуучуларын ысык тамак менен камсыздоого байланыштуу маселени козгоп, Гүлянда кеңештин сессиясында көпчүлүк учурда мектептер шектүү сапаттагы азык-түлүктү сатып алат деп айтып чыкты. Кеңештин төрагасы жана аял депутаттар Гүлянданын бул айтканын колдоп, маселени изилдөө үчүн комиссия түзүүнү чечишкен.

Келечекте депутат балдардын бош убактысын туура уюштурууну, кошумча билим алуу үчүн шарттарды түзүүнү, тактап айтканда, англис тили боюнча ийримдерди ачууну, ошондой эле мектепке ыктыярчыларды чакырууну пландап жатат. Зомбулук, жумушсуздук жана социалдык аялуу аялдардын көйгөйлөрү да депутаттын күн тартибинде турат.

Гүлянданын беш баласы бар. Жолдошу депутаттын аялын колдоп эле тим болбостон, кеңештери менен да жардам берет, мисалы, инфраструктуралык көйгөйлөргө, анын ичинде жолдордун начардыгы жана ичүүчү суунун жоктугу өңдүү маселелерге көңүлүн буруп, анын маңызын жана маанисин түшүндүрүп, мында эркек шайлоочулардын пикирин кантип эске алса болоорун айтып берет.

# ВАЛЕНТИНА ЮДИНА: "ДЕПУТАТТЫН АР БИР ЧЕЧИМИ КӨЙГӨЙЛӨРДҮ ЖАНА МЫЙЗАМДАРДЫ ЖАКШЫ БИЛГЕНИНЕ НЕГИЗДЕЛҮҮГӨ ТИЙИШ"

Ош облусунун Куршаб айылдык кеңешинин депутаты Валентина Андреевна ЮДИНА мектептин директору болуп иштейт жана педагогикалык ишмердүүлүктө да, депутат катары ишинде да эмгекке жана тартипке жоопкерчиликтүү мамиле канчалык маанилүү болгонун жакшы билет. Жергиликтүү кеңешке шайлангандан кийин Валентина социалдык маселелер боюнча комиссиянын курамына кирип, биринчи кезекте COVID-19 эпидемиясынын шартында билим берүү мекемелеринин балдарды күндүзгү билим алууга кабыл алуу даярдыгын изилдей баштаган. Депутат ошондой эле билим берүү уюмдарынын кызматкерлери балдарын бала бакчага жайгаштыра албай жүргөнүн аныктаган. Валентина бул көйгөйдү депутаттардын, айыл өкмөттөрүнүн жана бала бакчалардын директорлорунун арасында айтып чыккан. Натыйжада 10 бала мектепке чейинки билим берүү мекемелерине орноштурулуп, алардын ата-энелери үчүн жумуш шарттарын жакшыртуу мүмкүнчүлүгү түзүлдү.

Валентина Куршаб аркылуу өткөн трассаны бойлото тротуарды иретке келтирүү боюнча жумушчу топтун мүчөсү (тротуардын жоктугунан жөө адамдар жол кырсыгына кабылуу коркунучунда калышкан). Демилгелүү топтун башка мүчөлөрү менен бирге Валентина каражат чогултуу максатында "марафон" уюштуруп, аны

өткөрүүгө жигердүү катышты, анын натыйжасында долбоорду каржылоого 324 000 сом тартылды.

Валентинаөзишиндедайымааялдаркеңешинин, аксакалдар сотунун жана окуучуларынын ата-энелеринин колдоосуна ээ болуп келет. Келечекте депутат жашоо шарттарын жакшыртууну жана мүмкүнчүлүгү чектелген чоңдор менен балдардын көйгөйлөрүн чечүүнү пландап жатат, ал үчүн мыйзамдарды изилдеп, коомчулуктун көңүлүн бул маселеге бурганы жатат. Бойго жетип калган балдарынын жана жолдошунун колдоосу ага коомдук ишти натыйжалуу аркалап кетүүгө күч жана жетиштүү бош убакыт берүүдө.



# АЙТКҮЛ БАЙТУРОВА: "ШАЙЛООЧУЛАР ЖЫНЫСЫНА КАРАБАСТАН ЧЫНЧЫЛ ЖАНА ИШКЕ БЕРИЛГЕН ДЕПУТАТТЫ ДАЙЫМА КОЛДОП ТУРУШАТ"

Ысык-Көл облусунун Тоң айылдык аймагынын тургундары Айткүл Токтакуновна БАЙТУРОВАга эки чакырылыштын депутаты кылып шайлоо менен ишенип көрсөткөнү жөн жеринен эмес. Айткүл депутат болгонго чейин өзүнүн аймагы үчүн көп иштерди жасаган жана жергиликтүү маанидеги маселелерди кантип чечиш керектигине көзү жеткен инсан. Бирок мындай ийгиликтерге жетүү үчүн көп эмгек жана аракет талап кылынган.

Айткүл райондун борбору Бөкөнбаев айылында жайгашкан "Шоола-Көл" бейөкмөт уюмунун башкы бухгалтери болуп иштейт. Уюм райондун аймагында кайрымдуулук иштери менен алектенип, мүмкүнчүлүгү чектелген балдары бар үй-бүлөлөргө жардам көрсөтөт. 2003-жылдан баштап Айткүл негизги жумушунан тышкары Тоң районунун Тоң айылдык аймагында коомдук иштер менен алектенип, социалдык-экономикалык өнүгүүгө жана аймактын инфраструктурасын калыбына келтирүүгө болгон күчүн жумшаган. Айткүлдүн жетекчилиги астында АРИС каржылаган долбоорлордун алкагында аймактын эки мектебинде толугу менен оңдоо иштери жүргүзүлүп, ресурстук борбор ачылган. Англис тилин үйрөтүү боюнча долбоор ишке ашырылып (мектепте окуучулар үчүн класс ачылды), аны англис тили мугалими Жамангулова Дамира колдоп берген.

Жалпысынан 2003-2010-жылдар аралыгында Айткүлдүн демилгеси менен айылда 14 долбоор ишке ашырылган: ФАП медициналык жабдуулар жана электр жылытуу менен жабдылган; Маданият үйү ремонттолгон, мында музыкалык жабдуулар



жана улуттук кийимдер дагы сатып алынган; мектептердин биринде короо брусчатка менен төшөлүп, экинчисинде – жыйындар залы үчүн жабдуулар сатып алынган; сугат суусун чогултуу үчүн "Кара-Суу" каналы курулган.

Айткүлдүн жетекчилиги астында аймактагы биринчи бала бакча да ачылды. Бала бакча ачуу үчүн Ысык-Көл облустук өнүктүрүү фонду имаратты ремонттоого, "Кумтөр Оперейтинг Компани" менен ЮНИФЕМ эмерек сатып алууга каражат бөлүп берген. Долбоорду ишке ашырууга көп убакыт жана күч талап кылынган, иш жүзүндө үч жылга созулуп, бирок натыйжада Тоң айылында алгач 50, кийин 100 орундуу бала бакча пайда болгон.

Айткүл өзүнүн аймагынын өнүгүшүнө чоң жардам көрсөтүү менен анын жашоосуна жигердүү катышып, акыры айылдык кеңештин депутаты болууну чечти. Себеби, депутат катары жергиликтүү бюджетти түшүнүп, кирешелер кайдан келгенин

жана бюджет кайда сарпталып жатканын изилдеп, өз аймагындагы көбүрөөк көйгөйлөрдү чечүүгө жардам берерин түшүнүп турган. 2012-жылы депутат болуу аракети ишке ашпай калган, буга Айткүлдүн ден соолугу себеп болгон эле, ал шайлоо өнөктүгүн өткөрө алган эмес. Бирок бул жагдай аны токтото алган эмес, тескерисинче, топтогон тажрыйбасын өз аймагынын пайдасы үчүн көбүрөөк күч менен колдоно баштады. Ошентип 2016-жылы да, 2021-жылы да Тоң айылдык кеңешине депутат болуп шайланган. Айткүл өзүн депутаттык иште да көрсөттү, анткени ал дайыма жарандардын кайрылуулары менен иштеп, шайлоочулары менен тыгыз байланышта болуп, туруктуу комиссиялардын отурумдарында жана жергиликтүү кеңештин сессияларында жарандардын үнүн башка депутаттарга жеткирип турган. Айткүл жарандардын кайрылуусу боюнча, жергиликтүү кеңеште анын демилгеси менен арыз ээлеринин пайдасына жерге байланыштуу маселелер чечилген көптөгөн мисалдарды келтире алат.

Мурдагы чакырылышта депутат Айткүл баштаган ишти аягына чейин бүтүргөн чынчыл, чечкиндүү лидер катары таанылa алды. Ал 2021-жылдын апрелинде кайрадан депутат болгондо, көптөгөн жаш депутаттар ага кеңеш жана консультация сурап кайрыла башташты жана Айткүл өз тажрыйбасы менен бөлүшүүгө дайым даяр эле: "Ишти Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, депутаттын статусу, укуктары жана милдеттери менен таанышуудан башташ керек; семинарларга жана тренингдерге катышуу мүмкүнчүлүгүн колдон чыгарбоо зарыл. Депутаттын ишинде ар кандай тоскоолдуктар жаралат, бирок мыйзамдарды билүү, коомдук иштин тажрыйбасы, шайлоочулардын колдоосу мага бул тоскоолдуктарды жеңүүгө чоң жардам берип келүүдө".

Шайлоочулар депутатты жынысына карабай колдоого даяр экенине Айткүл ишенет: "Биргелешип иштегенибизде жамаат биздин ишибизди абдан колдойт. Бизди, депутаттарды, жамаат шайлаганын жана алардын алдында жоопту болгонубузду, ишибиз ачык жана айкын болушу керектигин эч качан унутпашыбыз керек. Мен шайлоочуларыма чогулуштарда, жыйындарда жана жолугушууларда эмне кылып жатканыбызды, күн тартибинде кандай көйгөйлөр турганын, кандай иштерди аткарып жатканыбызды, кандай жыйынтыктарга жетишкенибизди дайыма айтып келем. Мен жергиликтүү бюджет тууралуу суроолорго, кайсы көйгөйлөрдү чечүү үчүн жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүнгөнүнө өзгөчө көңүл бурам. Эгерде баары ачык-айкын жүргүзүлсө, жамаат ар дайым өз депутатына колдоо көрсөтүп турат".

2021-жылы Айткүл суу менен жабдуу системасы өткөрүлбөй калган жаңы конуштарга көңүл бурууну пландап жатат. Айылда жаңы көчөлөр пайда болууда, бирок инфраструктура жок. Ошондой эле күн тартибинде жардамга муктаж жакыр үй-бүлөлөр турат; ал ошондой эле жаңы типтүү мектептин имаратын курууга каражат чогултууну пландап жатат; жергиликтүү экономиканы өнүктүрүү, үй-бүлөсүн жана балдарын калтырып, эч ким эч жакка кетпеши үчүн тургундарга жумуш орундарын түзүү менен алектенүүдө. Аймактын учурдагы инфраструктурасы ремонтту, таштандыларды чыгарууну, ичүүчү сууну талап кылат – мунун баары ЖӨБ органдары чечүүгө милдеттүү болгон көйгөйлөр, андыктан Айткүл бул көйгөйлөргө убагында көңүл буруп, аларды чечүүгө салым кошууну депутаттын ишмердүүлүгүнүн максаты катары аныктаган.

"Менин жумушумда үй-бүлөм, бир туугандарым, кайын журтум чоң колдоо көрсөтүшөт. Мен көп окуйм, семинарларга жана тренингдерге, ар кандай эл аралык долбоорлорго катышам, ошондуктан мен көбүнчө үй-бүлөмдү таштап иш сапарларында жүрөм, бирок баары муну түшүнүү менен кабыл алышат. Үй-бүлөмдүн колдоосу мага дайыма ишеним жана күч берип турат. Ал эми менин ар бир жетишкендигим үй-бүлөмдү жана туугандарымды абдан кубандырат. Менин эмгегимди тиешелүү органдар тааныйт, ким менен иштесем да бул мага абдан дем берет. Мисалы, жакында эле мен Кыргызстандын эгемендүүлүгүнүн 30 жылдыгынын урматына Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктуу өкүлүнөн диплом алдым".

# СУРМАХАН ЮСУПОВА: "АЯЛ ДЕПУТАТ ЧЕЧЕ АЛБАЙ ТУРГАН БИР ДА МАСЕЛЕ ЖОК"

Ырыс айылдык аймагынын депутаты Сурмахан ЮСУПОВА 38 жылдан бери билим берүү системасында эмгектенип, мектептин материалдык-техникалык жабдууларын жакшыртууга көп күч жумшады, ар кандай эл аралык долбоорлорго катышып, компьютерлерди

жана мектептин эмеректерин сатып алууга, спорттук аянтчанын курулушу үчүн инвестиция тартты, мектепке англис тилин үйрөткөн эл аралык ыктыярчыларды чакырып келди. Сурмахан ошондой эле коомдук иштерди да аткарып, элеттиктерге өз айылында жакшы жашоо шарттарын түзүүгө жардам берди. Сурмахан Домор айылында таштанды чыгарууну уюштуруу ишин демилгелеп чыккан: бул үчүн Жалал-Абад шаарындагы "Тазалык" муниципалдык ишканасы жана айылдын тургундары менен сүйлөшүп, алар таштанды үчүн ар бир короодон айына 150 сомдон төлөөгө макул болуп, таштанды чогултууну уюштурушту. "Тазалык" муниципалдык ишканасы таштандыны ар шаршемби күнү чыгара баштап, муну менен таштанды маселеси да чечилген. Андан ары Сурмахан АРИСтин колдоосу менен дагы бир маселени чечип, жаңы конуштарга суу менен жабдуу системаны өткөрүп берүү демилгесин көтөрүп чыккан. Натыйжада 200дөн ашык адам жашаган 80ге жакын үй кожолугу таза ичүүчү суу менен камсыздалды.

2021-жылы Сурмахан Юсупова 216 добушка ээ болуп, жергиликтүү кеңештин депутаты болду. "Жигердүү жарандар" долбооруна катышып, ал көчөлөрдү жарыктандыруу боюнча демилгелүү топту уюштуруп, калк арасында чоң мобилизациялык иштерди жүргүздү: топ менен бирге ал көчө жарыктандыруусунан ким пайда табаары тууралуу маалыматтарды чогултуп, канча көчө чырагы зарыл болгонун санап чыккан. Ошондой эле көчөлөргө топографиялык изилдөө жүргүзүүгө бардык жактан жардам көрсөттү. Сурмахандын жана демилгелүү топтун мүчөлөрүнүн аракети менен долбоор ишке ашып, жаңы жылга чейин көчөлөр жарыктандырылат. Сурмаханды үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган,



өз укуктарын билбеген аялдардын көйгөйлөрү абдан тынчсыздандырат. Бул маселе боюнча буга чейин эки иш-чараны демилгелеген: тегерек стол жана райондук деңгээлде семинар өткөн. Учурдагы кырдаалда аялдарды чогултуу Сурмаханга абдан кыйын болду, бирок ошентсе да алар менен үй-бүлөлүк зомбулукка тиешелүү актуалдуу маселелерди талкуулоого жана аларды аялдардын укуктары жаатында агартууга жетишти. Муну менен аялдарга үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алууга жардам берүү боюнча иштер бүтпөйт, тескерисинче эми гана башталууда. Жакында Сурмахан өзү мүчө болгон үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча комитеттердин (ҮЗАК) потенциалын жогорулатуу семинарына катышты. ҮЗАКтын алкагында Сурмахан төмөнкү иш-чараларга катышууну пландап жатат: кыздарга, мектеп бүтүрүүчүлөрүнө ЖОЖдордо жана орто кесиптик окуу жайларда "Ачык эшик күнү" иш-чараларына катышууга көмөктөшүүнү, аялдар жана кыздар үчүн спорттук иш-чараларды уюштурууну, мектеп бүтүрүүчүлөрү үчүн экскурсияларды өткөрүүнү, аялдар үчүн чыр-чатактарды башкаруу боюнча тренингдерди өткөрүүнү пландап жатат.

# АЙНАГҮЛ ЭГЕМБЕРДИЕВА: "МЫЙЗАМДАРДЫ БИЛҮҮ – ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫНЫН ИЙГИЛИКТҮҮ ИШИ ҮЧҮН НЕГИЗГИ ШАРТ"

Айнагүл ЭГЕМБЕРДИЕВА суу чарбасында байкоочу болуп иштеген, эл менен көп баарлашкан жана аялы жөнүндө эл арасында урматтоо менен айтылган жылуу сөздөрдү уккан күйөөсүнүн демилгеси менен Ош облусунун Кара-Таш айылдык кеңешине депутат болуп шайланган. Аялынын күч-кубатын жана адамдар менен иштөөгө каалоосун, алардын көйгөйлөрүн чечүүгө ынтызарлыгын байкап, жергиликтүү кеңешке депутаттыкка талапкерлигин коюуну өзү сунуш кылган, ал эми балдары да атасын колдошкон. Айнагүлгө жолугушууларда жана коомдук иш-чараларда жигердүүлүгүн байкаган айылдаштары да чоң колдоо көрсөтүштү.

Азыр Айнагүл депутат, бактылуу жубай, эне жана 15 неберенин чоң энеси. Айнагүлдү депутаттыкка



талапкерлигин көрсөтүүгө түрткөн негизги максаты – айылына, элине пайда алып келүү. Айылда Айнагүл өтөсүнө чыгууну пландап жаткан көптөгөн көйгөйлөр бар. Алар: жумушсуздук, экологиянын булгануусу, үй-бүлөнүн бузулушу, үй-бүлөдөгү зомбулук, спорттун өнүкпөй жатышы, жаштардын кантип жашаш керектигин билбей жатканы, келечек муунга түздөн-түз таасир тийгизген аялдардын саламаттыгынын абалы. Айнагүл депутат болгондо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын үйрөнүш керек экенин түшүндү, анткени эгер депутаттын билими болсо, анда ага өз милдеттерин аткаруу оңой болот. Мисалы, депутаттык карьерасындагы биринчи жолку Кара-Таш айылдык кеңешинин депутаттарынын алгачкы сессиясында Айнагүл жаңы бала бакчага жергиликтүү бюджеттен кошумча каражат бөлүү маселесин талкуулоого катышкан. Башка депутаттардын артынан ал дагы айыл өкмөтүнөн тез арада каражат бөлүүнү сурана баштады. Бирок айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы бюджет бекитилип калганын, каражаттар чыгашалардын беренелери боюнча бөлүштүрүлгөнүн түшүндүргөндө, Айнагүл дагы деле үйрөнө турган көп нерселер бар экенин түшүндү, айрыкча бюджетти башкаруу, каражаттарды чыгымдоону пландоонун жол-жоболорун жана бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн мөөнөт бар болгонун билди.

Ошентсе да, азыртан эле көптөгөн маселелерди чечүүгө болот. Айрыкча Айнагүл чоң ата, чоң энесинин же башка туугандарынын үйүндө калган мигранттардын балдары үчүн тынчсызданат. Бул балдар иш жүзүндө өзү менен өзү калды жана алардын саны көп. Айнагүл айыл өкмөттүн социалдык маселелер боюнча адисине кайрылып, балдардын тизмесин изилдеп, “бала кандай жашайт, мектепке барабы, китептери барбы?” деп кырдаалды көзөмөлгө алууну пландап жатат. Көзөмөлдөөгө мугалимдерди, АӨ кызматкерлерин, аялдар кеңешин жана башка депутаттарды да кошууну пландоодо.

Айнагүл ошондой эле жыл сайын 31-август – Эгемендүүлүк күнүндө айылда өткөрүлүүчү спорттук иш-чараларга катышуу үчүн аялдар командаларын түзүү демилгеси менен айыл өкмөткө кайрылган. Ал өзү мугалимдерден жана жергиликтүү жамааттын өкүлдөрүнөн 5 волейбол командасын уюштурган, ар бир командада 40 жаштан 58 жаш курагындагы 8 аял бар. Байге фондуна 6 миң сомду айыл өкмөтү берди. Спорттук иш-чарага аялдардан турган 4 команда катышты, мелдеш абдан жакшы өтүп, бардык катышуучулар Айнагүлгө ыраазычылык билдиришти. Ал эми ОМОРОВ атындагы орто мектептин бөлүм башчысы Сават АЙТМАТОВА буларды белгиледи: “Аял депутаттын бар болгону кандай жакшы, аялдардын тилегин жана муктаждыктарын аялдар гана түшүнөт”!

# ЗУУРА КЫДЫРАЛИЕВА: “ДЕПУТАТ КАТАРЫ ӨЗ ШААРЫМА ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТУ ТОКТОТУУГА ЖАРДАМ БЕРЕМ”

Көк-Жаңгак шаардык кеңешинин депутаты Зуура Адиковна КЫДЫРАЛИЕВА шаарда көйгөйлөр көп экенин билет. Жумушсуздук күч алды – мурда көптөгөн ишканалар, фабрикалар жана кендер бар эле, ал эми азыр жаштардын баары балдарын ата-энелердин кароосуна таштап, иш издеп чет жакка кетип жатышат. Жаштар арасында көптөгөн көйгөйлөр бар – эрте турмушка чыгуу, бойго жете элек кыздар арасында кош бойлуулук, ажырашкандардын көбөйүшү, турмуштун

талаптарына жооп бербеген эски салттар. Зуура Адиковна мындан ары шаардын татаал турмушуна кайдыгер карап отура албай, депутат болууну чечти. “Аял депутаттар эркектерге караганда социалдык көйгөйлөргө, өзгөчө үй-бүлөлүк көйгөйлөргө көбүрөөк көңүл бурушат. Мен да социалдык көйгөйлөрдү чечүү үчүн депутат болуп келдим”, - дейт Зуура Адиковна. Ал көп жылдар бою аялдар кеңешинин төрайымы болуп иштеген, аялдар жана жаштар менен байланыш түзүүдө чоң тажрыйбага ээ. Бул жылдар аралыгында Зуура Адиковна жана анын командасы араздашып кеткен көптөгөн жубайларды жараштырууга, эки жолго түшкөн адамдардын башын кайрадан бириктирүүгө жетишти. Мунун натыйжасында бул лидер-аялды шаардын жамааты жакшы таанып, Зуура Адиковнанын депутат болуу чечимин кабыл алуусуна түрткү болду. Зуура Адиковна 38 жылдан бери билим берүү тармагында эмгектенет, жетекчи катары тажрыйбасы бар, үч уулду тарбиялап өстүргөн.

Зуура Адиковна партиялык тизме менен депутаттыкка аттанып, акыркы сессияда партиялаштары менен бирге шаардын суу менен жабдуу системасын оңдоо маселесин көтөргөн. Ушул тапта сууну сапатын анализдөө боюнча иштер башталды. Сессияда социалдык көйгөйлөр



да талкууланды: алар тойдо жоолук жана баштык салып берүү өңдүү эски салттардан баш тартуу маселесин көтөрүп чыгууну пландап жатышат.

Зуура Адиковна көчөдө өзүм билемдикке күбө болуп калса, кайдыгер эмес адам катары басып кете албайт, мисалы, эркек аялга кол көтөрүп жатса, дайыма кийлигишүүгө аракет кылганын мойнуна алат. Балдарын да эч ким мындай көрүнүшкө кайдыгер карап турбаш керек деп тарбиялаган. Балдар апасына макул болбогон учурлар болот, бирок жолдошу дайыма анын тарабында.

# БЕРМЕТ БЕЙШЕНОВА: “ДЕПУТАТТЫН МАНДАТЫ ӨЗ ВАЗЫЙПАМДЫ АТКАРУУГА ЖАРДАМ БЕРЕТ. МЕН ЖАРДАМГА ӨЗГӨЧӨ МУКТАЖ БОЛГОН ЖАРАНДАРГА КЕСИП ЭЭСИ БОЛГОНГО ЖАРДАМ БЕРЕ АЛАМ”

Кызыл-Туу айылдык аймагынын жергиликтүү кеңешинин депутаты болуп шайланган Бермет Жумакадыровна БЕЙШЕНОВА 2004-жылдан баштап баштапкы кесиптик техникалык билим берүү системасында – Бишкек шаарындагы №98 байланыш жана маалыматтык технологиялар кесиптик лицейинде эмгектенет. Бермет борбор калаанын тургуну жана көптөгөн ардак грамоталардын, дипломдордун жана төш белгилердин ээси. Кичи Мекени Кызыл-Туу айылынын аялдар кеңешинин аялдары Берметтен жергиликтүү кеңештин депутаты болууну суранышкан. Себеби, Берметтин мектептер менен кантип иштегенин жакшы билишет, атап айтканда лицейдеги практиканттары менен Бишкектен атайын келип, окуучулардын чачын акысыз эле тегиздеп турган. Бермет үч баланын энеси, алардын бири абдан эле кичинекей, андыктан анын үй-бүлөсү – күйөөсү жана балдары аны дайыма Кызыл-Туудагы иш сапарларында коштоп жүрүшкөн. Бермет күйөөсү жөнүндө сөз болгондо жылуу сөздөрүн аябайт, жолдошу куруучу, өз ишинин чебери экенин белгилейт. Берметтин үй-бүлөсү анын депутат болуу чечимин туура кабыл алышты. Бермет өзү жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү компетентсиздик аялдардын депутат ролун аткаруусуна тоскоолдук кылат деп эсептейт: “Биз мыйзамдар менен жакшылап таанышып чыгышыбыз керек. Ал эми аялдар да өзүнө ишенип, элдин алдында сүйлөөдөн тартынбоого тийиш”. Бермет билим берүү тармагында иштегендиктен, анын негизги максаты



– билимин, көндүмдөрүн жана жөндөмдөрүн жогорулатуу, ата-энесинин кароосуз калган жетим балдарды, балдарын жалгыз чоңойтуп жаткан жумушсуз жалгыз бой энелерди жана жесирлерди кесипке үйрөтүү менен, өз аймагына жакырчылыктын сазынан чыгууга жардам берүү. Ошондо алар бул жашоодо өз ордун таап, иштеп, маяна алып, өзүн жана үй-бүлөсүн багып кете алышат.

Бермет жаштарга ар кандай кесипти өздөштүрүүдө жардам жана колдоо көрсөтүүнү өзүнүн вазыйпасы катары билет. Жаштар дайыма өз эмгеги, өлкөсү, айылы, жашоого жол көрсөткөн депутаттар менен сыймыктанып жүрүшсө дейт. Бермет өз пландарын акырындап ишке ашыра баштады: ал директорлор, мектеп мугалимдери жана айыл башчылары менен жолугушууну демилгелеп, ага Кызыл-Туй айыл өкмөтүнүн башчысы да катышты. Жолугушууда катышуучулар жетим балдарды келишимдин негизинде окутуу идеясын колдошту, бирок бул үчүн балдарды колдоп, кесипке ээ болуу үчүн окуу акысын төлөп бере турган демөөрчүлөрдү табыш керек. Алгачкы жыйынтыктар бар: Бермет билдиргендей, эки баланын окуу акысын төлөп берүүгө даяр эки демөөрчү чыкты.

# МИРА АСАНОВА: “ИНВЕСТИЦИЯЛАРДЫ ТАРТКАНДАН БАШКА ЖОЛ МЕНЕН ДА ЖАМААТТЫН БАТАСЫН АЛСА БОЛОТ”



Ысык-Көл облусунун Тоң айылдык аймагынын айылдык кеңешинин төрагасынын орун басары Мира АСАНОВА биринчи жолу депутаттыкка аттанып, добуштардын рейтингинде экинчи болуп келди. Депутат болуу чечимине шайлоочулардын өтүнүчтөрү себепчи болду:

жергиликтүү жамааттын арасында аткаруу бийлигинин ишине наразы болгондор бар эле, айыл өкмөтүнүн эл үчүн ачык эместиги көп наразылыкка себепчи болгон. Ал эми Мира АСАНОВА принципиалдуу, түз жана абдан талапчыл адам катары таанылган, айылдык кеңештин төрагасынын орун басарлыгына тандап алышканы да жөн жеринен эмес. Дагы белгилей кетүү керек, жергиликтүү жамааттын арасында анын каршылаштары да болгон, алар Мирага “жер үчүн кеңешке баратат” деп жалаа жабышкан. Ошондуктан, шайлоо өнөктүгү учурунда ал талапкерлигин алып салгысы келген, бирок шайлоочулар буга жол беришкен эмес.

Мира АСАНОВА калктын жону жука катмарына жардам берүүнү алдына максат кылып койгон. Ал Дүйнөлүк азык-түлүк уюмунун долбоорун тартып келген, мында ага күйөөсү абдан жардам берген. Долбоор калктын жакыр катмарынын азык-түлүк коопсуздугун камсыздоого багытталган. Жыйынтыгында алты үй-бүлө 30 тоок, тоок баккан жайларды куруу үчүн атайын жабдуулар жана 2,5 мүшөк тоют менен камсыз болду. Мындай жардам үй-бүлөлөргө тоок багып, өздөрүн жумуртка жана тооктун эти менен камсыз кылууга шарт түздү. Ошентип, депутат болгондон кийин Мира алты үй-бүлөгө жардам берди.

Мындан тышкары Мира АСАНОВА сессияда башка депутаттар менен бирге акыркы чакырылышта кабыл алынган кеңештин токтомуна өзгөртүү киргизүү маселесин көтөрдү. Депутат USAIDдин “Жигердүү жарандар” долбоору аркылуу каржыланган

“Жергиликтүү кеңештин аял депутаттарына карата позитивдүү мамилени калыптандыруу” Долбоору уюштурган тренингдерде мурунку чакырылыштын чечимдерин өзгөртүүгө, ал тургай жокко чыгарууга боло турганын билген. Көрсө, депутаттардын мурунку чакырылышы “Аймактын ардактуу атуулу” наамын берүүнүн тартиби жөнүндө токтом кабыл алып, наам берүүнүн төмөнкү шарттарын белгилеген: биринчиден, ардактуу жаран инвестиция тартышы керек; экинчиден, жумуш болушу керек. Мира бул критерийлерди адилетсиз, башка тургундарды басмырлайт деп баалап, аларды башка шарттар менен кеңейтүүнү сунуштады. Мисалы, эгерде жергиликтүү жамааттын мүчөсү ар дайым адамдарга жардам берип келсе, чоң урмат-сыйга жана абройго ээ болсо, жамаат маданиятынын өнүгүшүнө салым кошсо, бирок ошол эле учурда каржылоо үчүн өтүнмөлөрдү кантип жазыш керектигин билбесе жана инвестиция тартпаса, анда ал “Аймактын ардактуу атуулу” наамына татыктуу болбой калабы? Мира АСАНОВА кырдаалды, колдо болгон документтерди иликтеп чыгып, ӨСИнин эксперттеринен кеңеш алган соң, ЖӨБ органдарынын алдында “айылдын жашоосуна жигердүү катышканы үчүн” деген кошумча критерийди киргизүү маселесин көтөрдү. Натыйжада, баары ойдогудай болду: наам ыйгарууда дагы да адилеттүү критерийлерди камтыган толуктоолор мурунку токтомго киргизилди.

Мира АСАНОВАнын мындан аркы пландары: бала бакчанын тарбияланууучулары арасында “Аяз атага кат” аттуу конкурсту өткөрүү; аялдар арасында волейбол боюнча мелдештерди уюштуруп, ага АӨ адистерин, мугалимдерди, бала бакчалардын тарбиячыларын катыштыруу.

# БАКТЫГҮЛ МУРЗАЛИЕВА: “АЯЛ ДЕПУТАТ ҮЧҮН ҮЙ-БҮЛӨНҮН ЖАНА ЖАКЫНДАРЫНЫН КОЛДООСУ АБДАН МААНИЛҮҮ. МЫНДАЙ КОЛДОО АЯЛГА ДЕМ БЕРЕТ”

Бактыгүл МЫРЗАЛИЕВА аялдар кеңешинин жетекчисинин таасири менен Кара-Таш айылдык кеңешине депутат болгон, себеби жетекчи туура сөздөрдү таап, Бактыгүлдө өзүнө болгон ишенимди жараткан. Бактыгүл өзү да ыңгайлуу учур келгенин баамдап турган эле – анда жетиштүү турмуштук жана коомдук тажрыйбасы бар, эл жана балдар менен көп иштешкен, бир топ кыйынчылыктарды жеңген. Бактыгүл узак убакыт бою эмгек мугалими болуп иштеген, мектепте кыздарга сабак берген, ошол эле учурда буйрутма алып, кыздарга сеп даярдап жүрчү. Орусияда иштеген күндөр да болгон, ал эми азыр почтада эмгектенет. Бактыгүл кайсы гана жерде иштебесин, бардык жерде анын эмгекчилдигин, чынчылдыгын жана өжөрлүгүн белгилешет. Бактыгүл – сүйүктүү жубай, төрт баланын энеси, беш неберенин чоң энеси. Кичүү студент уулунан башка бардык балдары өз жолун таап, үй-бүлө күтүшкөн. Бактыгүл депутат болууну чечкенде, аны үй-бүлөсү толугу менен колдоду. Шайлоо күнү Бактыгүлдүн жолдошу өзгөчө толкунданып, шайлоо өтүп жаткан участокко кошо барып, процесске байкоо салып, тынчсызданып турду. Бактыгүл күйөөсүнүн салымын жана колдоосун жогору баалайт: “Азыр ошол күндөрдү эстеп, күйөөмдүн колдоосун дайыма сезип турганым үчүн жүрөгүм жылый түшөт”. Депутат болгондон кийин Бактыгүл көчөлөрдүн биринен өтмөк ачуу сунушу менен айыл өкмөтүнө кайрылды, бул көчөнү бак-дарактар басып кеткендиктен жол жабылып калган. Жөө басып өтүүгө да, машине менен айланып өтүүгө да мүмкүн болбой, бул көчөнүн



тургундарына ыңгайсыздыкты жараткан. Бирок Бактыгүл көчөнү тазалап, оңдотууга жете алды. Айыл өкмөтүнүн адистери бак-дарактарды кыйып, бул көчөгө 100 машине шагыл ташып келип, жолго төгүп, тегиздеп чыгышкан. Көчөнү тазалоо иштерине жергиликтүү тургундар да жардам беришти. Мында да Бактыгүлгө жолдошу жардамга келип, шагыл төгүлгөндөн кийин жолду тегиздеп, таштандыдан арылтуу үчүн жашоочулардын башын бириктире алды.

М

# КЕҢЕШТЕРГЕ КЕЛГЕН АЯЛДАР: ШАЙЛОО САБАКТАРЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕККЕ КӨЗ КАРАШ. ИЗИЛДӨӨНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

*Надежда ДОБРЕЦОВА,*
"Муниципалитет" журналынын башкы редактору, USAIDдин "Жигердүү жарандар" Долбоорунун буюртмасы менен даярдалды

**USAIDдин "Жигердүү жарандар" долбоору аркылуу каржыланган "Жергиликтүү кеңештин аял депутаттарына карата позитивдүү мамилени калыптандыруу" долбоору аялдардын жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алуу процессине катышуу деңгээлине таасир эткен факторлорду аныктоого багытталган изилдөө жүргүздү. Шыктандыруучу да, тоскоол болчу да бул факторлорду билүү менен аялдар жергиликтүү деңгээлде кандай тоскоолдуктарга туш болгонун түшүнүп, аялдарды көбүрөөк жигердүү болууга түрткөн кандай жагымдуу шарттарды түзүү керектигин баамдоого болот.**

**Изилдөөгө жалпысынан 164 аял катышты, анын ичинде сурамжылоонун 142 респонденти жана фокус-топтун 22 катышуучусу бар. Онлайн анкетаны колдонуу менен Кыргызстандын дээрлик бардык региондорунан аялдардын пикирин билүү мүмкүн болду. Изилдөөгө катышкандардын 85% - жергиликтүү кеңештин депутаттары. Калгандары же мурда жергиликтүү кеңештин буга чейинки чакырылышынын депутаты болгон (3%), же депутат болууга кам көрүшүүдө (6%). Респонденттердин 6 пайызы кеңешке тикелей тиешеси болбогонун, бирок жигердүү жарандык позицияны карманышарын айтышкан. Респонденттердин жаш курагы 24төн 70ке чейин, бирок респонденттердин басымдуу бөлүгү 40тан 56 жашка чейинки топко кирет, анткени Кыргызстандагы аял депутаттардын көбү дагы ушул жаш курактык топко киришет.**

**Изилдөөнүн жыйынтыктары аялдардын лидерлигин колдоо үчүн маанилүү пункттарды жана аялдардын лидерлигин колдоодо кимдин ролу эң маанилүү экенин түшүнүүгө жардам берет. Бул тыянактарга жана изилдөөнүн байкоолоруна таянып, келечекте чечимдерди кабыл алуу үчүн далилдер базасын иштеп чыгуу маанилүү болот, анткени 4 жылдан кийин жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо кайрадан өткөрүлөт жана "Жергиликтүү деңгээлде аялдардын лидерлигин кантип илгерилетсе болот?" деген суроолор кайрадан жаралат.**

## Саясий катышуу жөнүндө чечим кабыл алып жатканда аялдар өз жамаатынын социалдык гана эмес, экономикалык жана инфраструктуралык көйгөйлөрүн чечүүгө умтулушат

Изилдөө аялдардын шайлоого катышуу чечимин кабыл алуусуна кандай жагдайлар түрткү болот, алар алдына кандай максаттарды коет деген суроого жооп табууга аракет кылган. Аялдар биринчи кезекте социалдык көйгөйлөрдү жана өз жамаатынын маселелерин чечүүгө умтулат деген кеңири таралган жана жалпысынан адилеттүү пикир ырасталды – сурамжылоого катышкандардын 65 пайызы дал ушундай максатты алдына коюшат экен. Бирок аялдар социалдык маселелер менен гана чектелип калбоону чечишти. Мисалы, 62 пайызы – аймактын экономикалык өсүшүнө көмөктөшүп, жердештеринин экономикалык абалын жакшыртуу максатын көздөшөт. 1-диаграммадагы эки көрсөткүч аялдар артыкчылыктарды тең салмактуу бөлүштүрө турганын жана жергиликтүү кеңештин депутаты катары ролун туура түшүнөрүн көрсөтүүдө. Аялдардын бир аз азыраак бөлүгү – 56 пайызы – депутат болсо, жамааттын, айылдын, муниципалитеттин жылдар бою чечилбей келе жаткан инфраструктуралык көйгөйлөрүн, анын ичинде ичүүчү суу менен жабдуу, жолдорду оңдоо өңдүү маселелерди чече аларына ишенишет.

Ар бир үчүнчү аял – 35 пайызы - коррупция менен күрөшүү, жергиликтүү бюджеттин каражаттарын натыйжалуу жана сарамжалдуу пайдаланууга көмөктөшүү боюнча конкреттүү милдеттерди алдына койгон.

Бирок "кырдаалдан пайдаланып калуу" өңдүү жооптор анча популярдуу эмес болуп чыкты. Ошентип, аялдардын 20 пайызы жөн гана квотаны колдонуп көрүүнү чечишсе, болгону 10 пайызы гана талапкерлигин көрсөтүүгө чакырган жердештеринин ишенимине таянып, шайлоого

аттануунун чечишкенин айтышкан.

**Өзүнө болгон ишеним жана билимге ээ болуу сырткы чөйрөгө караганда аялдар үчүн кыйла маанилүү**

Аялдардын басымдуу бөлүгү – 81 пайызы – ички факторлордун таасири астында жергиликтүү кеңештердин депутаттары катары жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу чечимин кабыл алышат (2-диаграмма). Аял өзүнө ишенген учурда, анын социалдык ролу үй-бүлөлүк милдеттер менен гана чектелбеши керек деп эсептесе жана жеке баамында өзүнүн гана эмес, айылынын же жамаатынын тагдырына таасир эте алган чечим кабыл алуу үчүн жетиштүү билимге ээ болсо, саясий катышуунун пайдасына чечим кабыл алат. Ал эми ар бир бешинчи аялдын бири үчүн гана тышкы факторлор – башкалардын пикири, мамлекеттин саясаты чечүүчү ролду ойнойт. Эгерде коом аялдардын саясий катышуусу кеңейиши керек экенин моюнуна алса, анда билим берүү жана агартуу иштери үч негизги тапшырманы аткарууга багытталышы керек. Алар: аялдардын билим алуусу; аларды бир гана үй-бүлө ролунун чегинен чыгаруу; “жумшак көндүмдөрдү” өнүктүрүү менен өзүнө болгон ишенимди жогорулатуу.

Аялдардын шайлоого катышуу даярдыгына карата дал ушул ички факторлор чечүүчү болуп калганын эске алуу менен, аялга саясий катышуунун пайдасына ишенимдүү чечим кабыл алуу үчүн кандай көндүмдөр, жөндөмдөр жана билим же башка шарттар жетишсиз экенин кененирээк түшүнүү керек. Бул рейтингде биринчи орунду өзүнө болгон ишенимди пайда кылган сапаттар ээлейт – лидерлик көндүмү, ынандыра билүү жөндөмү, эл алдында ишенимдүү сөз сүйлөө, ар кандай аудитория менен баарлаша алуу. Аялдардын басымдуу бөлүгү – 67 пайызы дал ушул көндүмдөргө муктаж болгон. Бул күтүлгөндөй эле жыйынтык болчу.


Экинчи орунда изилдөөчүлөр мыйзамдарды билүүгө жана аларды иш жүзүндө колдонууга муктаждыкты көрүшөт деп күтүшкөн. Чынында эле бул муктаждык алдыңкылардан болуп чыкты, бирок үчүнчү орунду ээледи. Экинчи орунда такыр башка көндүм – жеке убакытты туура пландоо турат. Көрсө, аялга үй-бүлөлүк жана социалдык (саясий) ролдорду айкалыштыруу оңой эмес экен, бирок үй-бүлөдө эркектерге караганда көбүрөөк жүк артылгандыктан гана эмес, убактысын натыйжалуу башкара албаганы да буга себеп. Мисалы, көптөгөн аялдар социалдык тармактарга убактысын коротуп жатканын түшүнүп турушат: интернеттен видеолорду көрүшөт, курбулары жана туугандары менен телефондон сүйлөшөт. Мааниси жагынан билимдердин топтому боюнча төртүнчү орунда финансылык жана бюджеттик сабаттуулук турат.

Калган сунушталган варианттар – керектүү адамдар менен таанышуу, компьютерде иштей билүү көндүмү, дүйнө таанымын кеңейтүү көп деле добуш алган жок – болгону 13-14 пайызды түздү. Бирок аялдарда кайраттуулук, демилге көтөрө билүү жана чечкиндүүлүк жетиштүү экени аныкталды, анткени сурамжылоого катышкан аялдардын 94 пайызы өздөрүн кайраттуу, демилгелүү жана чечкиндүү деп эсептешет.

Ички коркуу сезимдеринен улам, өзүнө көп ишене бербегендиктен айланасындагы адамдардын колдоосуна муктаж. Сурамжылоого катышкан респонденттерге депутаттыкка жолду тандаган аялды колдоого ала турган кызыкдар тараптардын кеңири категориясы сунушталган.




*1-диаграмма. Аялдарды шайлоого катышууга түрткөн себептердин рейтинги*




*2-диаграмма. Аялдардын шайлоого катышуу чечимине тийгизген ички жана тышкы таасирлердин даражасы*

Бул адамдардын катарында эмгек жамааттары, аксакалдар, аялдар кеңеши, расмий адамдар (аткаминерлер), социалдык тармактардагы достору жана диний лидерлер бар. 2-диаграммадан көрүнүп тургандай, аял үчүн үй-бүлөнүн – жолдошунун, балдарынын жана башка туугандардын колдоосу чечүүчү мааниге ээ болгон.

## Жакын чөйрө жана ички факторлор тышкы көйгөйлөр менен күрөшүүдө тоскоол болот

Изилдөөнүн жыйынтыгы ички факторлор




*3-диаграмма. Аялдардын саясий процесске катышуу тууралуу чечим кабыл алуусуна тоскоол болгон ички шарттардын жана жетишпей жаткан же такыр болбогон сапаттардын рейтинги*




*4-диаграмма. Шайлоого катышууну чечкен аялдар үчүн колдоосу өзгөчө маанилүү болгон кызыкдар тараптардын рейтинги*




*5-диаграмма. Аялдарга жергиликтүү деңгээлде саясий жана коомдук жашоого жигердүү катышууга тоскоол болгон көйгөйлөрдүн рейтинги*

аялдын саясий катышуу жөнүндө чечим кабыл алуусуна тоскоолдук гана кылбастан, ошондой эле чечим кабыл алынгандан кийин да саясатка аралашуу укугун колдонууга тоскоол болорун бир беткей тастыктады (5-диаграмма).

Анализде аялдардын катышуу укугун ишке ашыруусуна тоскоол болгон факторлордун үч негизги тобу аныкталган. Биринчи топко туугандардын (үй-бүлө мүчөлөрүнүн, күйөөсүнүн, кайненесинин) тыюу салуулары жана аялдардын саясий укуктарына карата коомчулуктун терс пикири (менталитет) кирет, алар көбүнчө негизги көйгөй жана тоскоолдук катары аталган – сурамжылоого катышкан аялдардын 40 пайыздан ашыгы ушуларды белгилешкен. Дээрлик ушундай эле сандагы респонденттер эркектердин ачык каршылыгына туш болгон (эркектер аялдарга үгүт жүргүзүүгө тоскоолдук кылышкан, аялдар үчүн бөлүнгөн 30% квотага каршы чыгышкан). Саясий укуктарын колдонуу, шайлоого катышуу жөнүндө чечим кабыл алууда аялдар көптөрдөн, анын ичинде башка аялдардан да колдоону күтүшөт. Ошентип, аялдардын 36 пайызы кеңеш сурап, тажрыйба алмашуу үчүн санаалаш аялдар жетпей жатканын белгилешкен.

Өз саясий укуктарын колдонуу тууралуу чечим кабыл алганда терс шарттар түзүлгөн экинчи топко улуттук масштабдагы тоскоолдуктар кирген: билимдин жана маалыматтын жоктугу (31%), мамлекет тараптан колдоонун жоктугу (28%), үй милдеттеринин көптүгү (27%). Шайлоого катышууну чечкен ар бир төртүнчү аял башка аялдын эл алдында басынтуу, ушак таратуу өңдүү терс мамилесине туш болгон. Финансы маселелери, жергиликтүү деңгээлде расмий колдоонун жоктугу азыраак масштабдагы көйгөй катары аталган жана үчүнчү – минималдуу көйгөйлөр тобун түзгөн, алар нөлдөн 15 пайызга чейин добуш алышты.

## Шайлоодо аялдар кимден жана эмне үчүн колдоо табышты?

2021-жылдын жазында өткөн шайлоо өнөктүгү учурунда изилдөөчүлөр талапкер аялдар эркектерге караганда башка аялдардан көбүрөөк терс мамилени көрөт деген пикирлерди угушкан. Бирок, сурамжылоонун жыйынтыктары муну тастыктаган жок (6-диаграмма). Сурамжылоого катышкан аялдардын үчтөн экиси шайлоодо аял талапкерлерди аялдар да, эркектер да бирдей даражада колдогонун, респонденттердин үчтөн бири аялдардан көбүрөөк колдоо алышканын белгилешкен.

Колдоого алган электораттын жаш курагы боюнча карай келгенде, аялдардын басымдуу бөлүгү (69%) эки курак категориясынан – жаштардан жана улуу муундан колдоону көрүштү (7-диаграмма). Ар бир бешинчи аял жаштардын колдоосун көбүрөөк сезсе, улуу муундан колдоону ар бир онунчу аял гана көргөн. Демек, аялдардын көпчүлүгү жаш курагынан алганда электораттын аларга болгон мамилесинин айырмасын сезбесе да, улуу муунга караганда жаштардын колдоосун сезген аялдар эки эсе көп болгон экен.

Эмне үчүн жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына шайланган аялдар ар кандай курактагы эркектерден жана аялдардан колдоо алышты? Гендердик теңчилик боюнча эксперттердин арасында жамааттарда стереотип басымдуулук кылат деген пикир бар, ага ылайык элеттик шайлоочулар аял саясатчыларды жалаң коомдук иштерде көрүшөт, бирок алардын саясий потенциалын байкабай калышат. Бирок, аялдар өздөрү болсо башка себептерден улам шайлоодо колдоого ээ болгонун айтышат.

Респонденттердин жарымынан көбү шайлоочулар аялдарды эркектерге караганда калыс жана адилеттүү саясатчылар деп эсептегендиктен, аялдар бардык пикирлерди эске алууга аракет кылгандыктан аялдар жергиликтүү шайлоодо колдоого ээ болгон деп эсептешет (8-диаграмма). Респонденттердин дээрлик жарымы шайлоочулардын гендердик курамы чечүүчү фактор болгонуна ишенишет: добуш берүүгө келгендердин арасында аялдар көбүрөөк болгон, ошондуктан аял шайлоочулар аялдар үчүн добуш беришкен. Респонденттердин үчтөн бир бөлүгү аялдар депутат катары өз милдетин дыкаат, кылдат жана сабырдуу аткарып, дайыма көйгөйдүн өзөгүнө жетүүгө, себептерин түшүнүүгө жана аларды жоюуга, маселени аягына чыгарууга аракет кылышат деп эсептейт. Эркектер болсо чечилиши кечиктирилген маселени таштап коюшу мүмкүн, башталган ишти аягына чыгарбастан башка ишке алагды болуп кетиши ыктымал.

Аял талапкерлердин үгүт программалары эркек талапкерлердин программаларына караганда жакшыраак болду деп эч ким ойлобойт. Аялдар айылда тазалыкты сактоого жана аялдарга карата зомбулукту жок кылууга жөндөмдүү болгондуктан аял талапкерлер колдоого ээ болду деп эсептеген респонденттердин саны өтө аз. Сурамжылоонун катышуучуларынын салыштырмалуу бирдей саны, 21ден 26 пайызга чейин, аялдар социалдык көйгөйлөрдү чече алгандыктан, чарбаны башкара билүү жөндөмдүүлүгү бар болгонунан улам (“айылды өз үйүндөй кармагандыктан”), коррупцияга жана жеке маселелерди депутаттык мандаттын жардамы менен чечүүгө каалоосу


жоктугунан улам аял талапкерлерди колдогонун моюнга алышкан. Мындан улам аялдар жергиликтүү кеңештерде "социалдык маселелер менен гана алектенет" деген миф тастыкталган жок. Аялдардын өздөрү болсо жердештери аларды социалдык маселелерди чече алганы үчүн гана эмес, аларга көбүрөөк ишенишкендиктен жергиликтүү шайлоодо колдоого ээ болгонун айтышат.

### Шайлоонун формалдуу жана бейформал шарттары: мыйзамдар жакшы, бирок аларды билишпейт жана сакташпайт


Шайлоонун жыйынтыгы боюнча, аялдар мыйзамда белгиленген эки жыныс үчүн квотанын олуттуу мааниге ээ экенин ырасташты. Жалпысынан алганда шайлоо мыйзамдары жарандарды канааттандырат – сурамжылоого катышкан аялдардын жарымына жакыны мыйзамда кемчилик такыр болбогонун айтышат. Ошол эле учурда аял депутаттар мыйзамдарды билбегени көйгөй болгонун аялдар өздөрү да моюнга алышат. Үч аялдын экөө өздөрү же кесиптештери мыйзамды талаптагыдай билбегенин белгилешет (9-диаграммадан көрүнүп тургандай, алардын 55 пайызы аялдар жалпысынан мыйзамды жакшы билишпейт деп эсептешет, ал эми 12% мыйзамды билбегенин ачык моюнга алышат).

30 пайыздык квота жөнүндө мыйзамдын талаптарын бузууга жана аялдын квотасын эске албастан кеңештин курамын түзүүгө жасалган көптөгөн аракеттерди белгилеп, аялдардын 40 пайызы бул мыйзамдын талаптарынын аткарылышын көзөмөлдөө үчүн атайын чаралар керек деп эсептешет.

Шайлоонун бейформал шарттарына келсек, аялдардын көбү (41%) саясий катышуу процессинде аялдардын өнүгүүгө кошкон салымы көп учурда бааланбай калып жатканына макул болушат. Мисалы, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын ар кандай сыйлыктарга көрсөткөндө аял депутаттын талапкерлиги эркек талапкерлерге караганда азыраак каралат (10-диаграмма).




*6-диаграмма. Аялдарды колдогон электораттын жыныстык курамы*




*7-диаграмма. Аялдарды колдогон электораттын жаш курактык курамы*





*8-диаграмма. Аялдар шайлоодо колдоо тапканына себеп болгон жагдайлардын рейтинги*

Ар бир үчүнчү аял 30 пайыздык квота жөнүндө мыйзамдын талаптарын бузуу аракеттери болгонун белгилейт. Ошондой эле аялдардын дээрлик үчтөн бир бөлүгү үгүт учурунда үй-бүлөлүк бюджеттен акча алууга уруксат суроого мажбур болгонун мойнуна алышкан, бул үй-бүлөнүн ичинде чыр-чатактарга себепчи болгон. Болжол менен ар бир алтынчы аял коркутуу, мазактоо, күйөөсү жана үй-бүлөсү аркылуу кысым көрсөтүү, саясий процесске катышуудан баш тартууга мажбурлоо фактыларына туш болгон.


### Аялдар өзүнүн депутаттык милдеттерин жеңилирээк аткара алышы үчүн эмне кылыш керек?

Сурамжылоого катышкан аялдардын дээрлик жарымы – 46 пайызы – жергиликтүү кеңештин ишинин ички жол-жоболоруна (формалдуу жана бейформал) байланыштуу эң олуттуу көйгөй деп бир көрүнүштү аташат – эркектер кеңештин ичинде чакан топторду түзүп алып, ага аялдарды “кошушпайт” (11-диаграмма). Башкача айтканда, аялдар кеңештин ичиндеги ар кандай топтордон жана бейформалдуу талкуудан четтетилип калышууда. 2021-жылдын жазында өткөн шайлоодон кийин кеңештерде, кыязы, аялдардын гана топтору пайда болот. Бирок эгер кандайдыр бир себептерден улам айрым кеңештерде аялдар бир топко бириге албай калышса, анда алар өнөктөштөрсүз, пикирлештерсиз обочолонуп калышмакчы. Анткени эркектер аларды өздөрүнүн топторуна кошпой турганы анык. Бул башка нерселер менен катар гендердик күтүүлөр жана салттар менен шартталган, ага ылайык аял үчүн кандай гана себеп болбосун, бирок эркектердин тобунда болуу “туура эмес” көрүнүп калат. Жаманатты болбош үчүн аялдар “курбу” издөөгө же топко катышуудан баш тартууга мажбур болот.

Аялдардын депутат катары эффективдүүлүгүнө жана натыйжалуулугуна олуттуу таасирин тийгизе турган бул тоскоолдукту кантип жеңүүгө боло турганы азырынча белгисиз. Чындыгында, чакан




*9-диаграмма. Аялдардын жергиликтүү деңгээлде саясий процесске катышуусун татаалдаштырган мыйзамдардагы кемчиликтерге карата аялдардын пикирлери*




*10-диаграмма. Аялдардын шайлоодо саясий процесске катышуусуна терс таасир эткен факторлор*




*11-диаграмма. Жергиликтүү кеңештеги жол-жоболордо аялдарга депутаттын ролун натыйжалуу аткарууга тоскоол болгон боштуктар*



топтордон четтетилген аялдар "көшөгө артындагы" маалыматты билүү мүмкүнчүлүгүнөн ажырап калышат, чечим кабыл алуу процессинде тигил же бул депутаттын жүйөлөрүн түшүнө алышпайт, ошондой эле кесиптештерине өзүнүн позициясын бейформал жагдайда жеткирүү үчүн ынандыруу мүмкүнчүлүгүнөн ажырашат. Алар сессия учурунда же туруктуу комиссиянын жыйындарында гана расмий сөз сүйлөө мүмкүнчүлүктөрүнө ээ, ал эми саясат негизинен расмий эмес сүйлөшүүлөрдөн жана коалиция түзүүдөн турат. Бул жагынан алганда, шаардык кеңештерде аялдардын абалы айылдыкына караганда кыйла жагымдуу, анткени шаарларда аял депутаттар партиялык чакан топтор менен байланыш түзө алышат жана фракциялардан колдоо таба алышат, ал эми элеттик аял депутаттар мындай мүмкүнчүлүктөн ажыраган. Бул жагынан алганда, жергиликтүү кеңешти түзүүнүн партиялык принциби аялдарга кээ бир артыкчылыктарды берерин моюнга алышыбыз керек.

Мына ушундай биринчи тоскоолдуктун артынан эле экинчиси жаралат – аялдардын 40 пайыздан ашыгы да кеңештин туруктуу ишинин алкагында этикалык принциптердин жоктугун же көп жакшы өнүкпөгөнүн белгилешет, эркек депутаттар жүрүм-турумдун этикалык нормаларын сактабайт деп наразы болушат. Ушул эле сандагы аялдар кеңештин иш планында аялдардын өзгөчө муктаждыктары эске алынбайт деп эсептешет (бул жерде аялдар эмнелерге наразы болуп жатканын тактоо керек). Жергиликтүү кеңештерде Этика кодексин жапырт түрдө киргизүү маселени чечүүнүн бир жолу болушу мүмкүн, бирок бул кодексти гендердик теңчиликтин ченемдери жана шарттары боюнча кайра карап чыгуу тийиш.

Аялдар башкаруунун маанилүү маселелерине, анын ичинде бюджет маселелерине жетүү деңгээлине наразы болору күтүлгөн. Бул тоскоолдукту сурамжылоого катышкан аялдардын көпчүлүгү баса белгилебесе да, алардын 22% туруктуу комиссиялардын курамын аныктоодо жергиликтүү бюджетке байланыштуу маселелерге жетүү мүмкүнчүлүгү чектелгенин сезишкен, башкача айтканда, ар бир бешинчи аял кеңештердин жол-жоболорунда эң негизги туруктуу комиссияларында аялдардын катышуусу тууралуу талаптар жетишпегенин белгилешет. Ошол эле сандагы аялдар сессиялардын убактысы аялдардын өзгөчө муктаждыктарын эске албайт деп эсептешет.

Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын милдеттерин ийгиликтүү аткаруу үчүн аялдарга түзүлүшү керек болгон шарттардын арасында, албетте, биринчи кезекте мамлекеттик колдоо чараларынын системасы турат. Бул системага окутуу, консультациялык колдоо, ошондой эле аялдын коомдук иштерге жумшай турган күчүн жана убактысын кандайдыр бир деңгээлде компенсация кыла ала турган жеңилдиктер камтылышы керек. Бул жеңилдиктер жана компенсациялар сөзсүз түрдө эле материалдык мүнөзгө ээ болбошу керек; аялдар алардын саясий ролун коомчулук тарабынан таанылуусун жана жамааттын өнүгүшүнө кошкон салымын маанилүү жана олуттуу деп эсептешет. Ошол эле учурда эркек депутаттар да ушундай жеңилдиктерге жана компенсацияларга муктаж. Бирок жашоодо алар автоматтык түрдө коомчулукта урмат-сыйга ээ болушат: белгилүү бир жашка келип, жамааттын өнүгүшүнө кошкон салымын көрсөтүп, эркектер дайыма жергиликтүү жамааттын кадырлуу мүчөлөрүнө айланышат, ал эми аял, эреже катары, жердештеринен ушундай эле алкышка жетүү үчүн көбүрөөк аракет жумшашы керек.

Аял депутаттардын ийгиликтүү иштөөсү үчүн зарыл болгон башка шарттар мамлекеттик же расмий колдоо чараларына караганда үч эсе азыраак популярдуу болуп чыкты жана добуштардын болжол менен бирдей санын алды, жооптор – 18ден 26 пайызга чейин (12-диаграмма). Ар бир төртүнчү аял эркек депутаттар арасында гендердик теңчиликтин маңызын түшүндүрүп, аны сактоо зарылдыгын жеткирүү деңгээлин максаттуу түрдө жогорулатуу зарыл деп эсептейт. Аялдарга ар тараптуу маалыматтык колдоо көрсөтүү боюнча сунуштар азыраак болгон (окуу китептери, сайттар ж.б.); негизги иште жетекчиликтин колдоосу (сессияларга катышууга тоскоолдук кылбоо, депутаттык ишке убакыт бөлүү ж.б.); жергиликтүү өз алдынча башкаруу тарабынан түзүлүүгө тийиш болгон депутаттардын эмгек шарттарын жакшыртуу (сессиялар үчүн жайлар, туруктуу комиссиялар, атайын бөлүнүп берилген жооптуу катчы). Белгилей кетүүчү нерсе, лидерликке "жетпей калгандарды" колдоонун бардык чаралары аял депутаттарга да, эркек депутаттарга да бирдей тиешелүү. Аялдар мамлекеттен конкреттүү колдоону күтүшөт – булар окуулар, жеңилдиктер жана компенсациялар.